**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин**

# ОТЧЕТУ

1-сүрөт. Аудиттин жыйынтыгы бир баракта

# АУДИТТИН ЖЫЙЫНТЫГЫ БИР БАРАКТА

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин кыскача жыйынтыгы

**ЖАЛПЫ АУДИТОРДУК КОРУТУНДУ**

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы, ушул отчетто баяндалган жагдайларды эске албаганда, бардык олуттуу аспектилери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет.

## НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨР

| 130,1 млрд сом | 127,1 млрд сом | 3,0 млрд сом | 37,6 млн сом |
|---|---|---|---|
| Жалпы кирешелер | Жалпы чыгашалар | Бюджеттик профицит | Финансылык бузуулар |

## НЕГИЗГИ АУДИТОРДУК ИНДИКАТОРЛОР

| | | |
|---|---|---|
| **34,1%**<br>Социалдык фонддун кирешелериндеги республикалык бюджеттин үлүшү | **1,8**<br>бир пенсионерге туура келген төлөөчүлөрдүн саны | **2 544,1 млн сом**<br>камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча жалпы карыз |
| **-2,0%**<br>орточо пенсиянын реалдуу сатып алуу жөндөмүнүн болжолдуу төмөндөшү | **62 810,3 млн сом**<br>Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдери | **1 174,8 млн сом**<br>Социалдык фонддун пайдасына бюджеттер аралык сальдо |

## БАШКАРУУЧУЛУК ЧЕЧИМДЕРДИ ТАЛАП КЫЛГАН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР

| | |
|---|---|
| 1 | Пенсиялык системаны каржылоодо республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын үлүшү олуттуу деңгээлде сакталууда |
| 2 | Пенсионерлердин саны камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санына караганда тез өсүп, пенсиялык системанын киреше базасына болгон жүк көбөйүүдө. |
| 3 | Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын сакталышы төгүмдөрдүн өз убагында жана толук түшүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. |
| 4 | Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системанын натыйжалуулугу эксплуатациялык маалыматтар жана эсептөөлөр менен толук ырасталган эмес. |
| 5 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдеринин 80 пайыздан ашыгы мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылып, инвестициялык портфелдин концентрациясы жогору бойдон калууда. |

**Аудиттин негизги жыйынтыктары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2026-жылга карата аудитордук иш планына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары - Социалдык фонд) 2025-жылга бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

Аудиттин жыйынтыгында Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы жалпысынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш жүргүзүлгөнү аныкталды. Ошону менен бирге аудиттин жүрүшүндө пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна, мамлекеттик каражаттарды жана активдерди башкаруунун натыйжалуулугуна, ошондой эле маалыматтык системаларды өнүктүрүүгө таасир этүүчү төмөнкү системалуу маселелер аныкталды.

**Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугу**

• Социалдык фонддун кирешелериндеги республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын үлүшү 2021-жылдагы 37,8 пайыздан 2025-жылы 34,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Алардын көлөмү 44 365,6 млн сомду түзүп, мамлекеттин социалдык милдеттенмелерин аткарууга багытталган. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын үлүшү 2021-жылга салыштырмалуу төмөндөгөнүнө карабастан, пенсиялык жана башка мамлекеттик социалдык милдетенмелерди каржылоодо республикалык бюджеттин олутуу ролу сакталып калган;

• Камсыздандыруу төгүмдөрүн үзгүлтүксүз төлөгөндөр менен пенсионерлердин катышы 2026-жылдын 1-январына карата бир пенсионерге орточо 1,8 төлөөчүнү түзгөн (1 464,2 миң төлөөчүгө 816,6 миң пенсионер). Бул көрсөткүч пенсиялык системанын киреше базасына жүктүн жогору бойдон калып жатканын көрсөтөт;

• Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча жалпы карыз 2026-жылдын 1-январына карата 2 544,1 млн сом, анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 1002,9 млн. сом, туум айыптар боюнча 1541,3 млн. сомду түзгөн). Бул камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өз убагында жана толук түшүүсүнө терс таасирин тийгизип, карыздарды өндүрүү жана алардын өсүшүнө жол бербөө боюнча иштерди күчөтүүнү талап кылат;

• Орточо пенсиянын өлчөмү 2025-жылы 6,1 пайызга жогорулаган, ал эми керектөө бааларынын индекси 8,2 пайызды түзгөн. Натыйжада пенсиянын реалдуу сатып алуу жөндөмү төмөндөгөн.

**Финансылык башкаруу жана активдерди башкаруу**

• Бюджеттер аралык эсептешүүлөр боюнча салыштыруу актысына ылайык 2026-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун пайдасына 1 174,8 млн сом өлчөмүндөгү сальдо ырасталган. Аталган сумманы бюджетти

тактоодо эске алуу жана бюджеттер аралык эсептешүүлөрдү толук жөнгө салуу зарыл;

• Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдери 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 62 810,3 млн сомду түзгөн. Инвестициялардын номиналдык кирешелүүлүгү 11,98 пайызды, инфляцияны эске алгандагы болжолдуу реалдуу кирешелүүлүгү 3,5 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда активдердин 80 пайыздан ашыгы мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылгандыктан, инвестициялык портфелдин диверсификациясын, ликвиддүүлүгүн жана кирешелүүлүгүн камсыз кылуу боюнча тобокелдиктерди туруктуу негизде баалоо талап кылынат;

• Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун резервдик фондун түзүү жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча мурда берилген сунуштамалар толук аткарылган эмес.

**Санариптештирүү жана маалыматтык системаларды өнүктүрүү**

• Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны ишке киргизүү пенсияларды дайындоо, кайра эсептөө жана төлөө процесстерин өркүндөтүүгө багытталган. Ошол эле учурда анын натыйжалуулугу эксплуатациялык көрсөткүчтөрдүн, натыйжалуулук индикаторлорунун жана тиешелүү эсептөөлөрдүн негизинде толук ырасталууга тийиш.

Жалпысынан аудиттин жыйынтыгы Социалдык фонд тарабынан бюджеттин аткарылышы негизинен мыйзамдардын талаптарына ылайык камсыз кылынганы менен, пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна жана мамлекеттик каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү системалуу тобокелдиктер сакталып жатканын көрсөттү.

**Аудиттин максаты жана коомдук мааниси**

Аудиттин максаты - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга бюджетинин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын мыйзамдуулугуна, мамлекеттик пенсиялык милдеттенмелердин толук жана өз убагында аткарылышына, мамлекеттик каражаттарды жана пенсиялык топтоолорду башкаруунун натыйжалуулугуна, ошондой эле пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна таасир этүүчү факторлорго көз карандысыз баа берүү.

Аудит коомдук мааниге ээ, анткени Социалдык фонддун бюджетинин мыйзамдуу жана туруктуу аткарылышы жарандардын пенсиялык укуктарын камсыз кылууга, пенсиялардын үзгүлтүксүз төлөнүшүнө жана мамлекеттин социалдык милдеттенмелеринин аткарылышына түздөн-түз таасир этет.

Аудиттин жыйынтыктары Жогорку Кеңешти, Министрлер Кабинетин жана башка кызыкдар мамлекеттик органдарды пенсиялык системанын учурдагы абалы, аныкталган тобокелдиктер жана башкаруучулук чечимдерди талап кылган маселелер жөнүндө объективдүү маалымат менен камсыз кылууга багытталган.

**Жооптуу тараптар жана аудиттин субъектиси**

Аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, анын борбордук аппараты, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду, Окуу борбору жана аймактык башкармалыктары эсептелет.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Социалдык фонддун жетекчилиги бюджеттин мыйзамдардын талаптарына ылайык аткарылышына, Пенсиялык фонддун жана Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын мыйзамдуу, максаттуу жана натыйжалуу башкарууга, ошондой эле аудитке сунушталган финансылык жана башка маалыматтардын толуктугуна жана ишенимдүүлүгүнө жооптуу.

Ошондой эле жетекчилик Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна тиешелүү каражаттардын туура бөлүштүрүлүшүн жана өз убагында которулушун камсыз кылууга жооптуу.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин аткарылышынын мыйзамдардын жана аудиттин белгиленген критерийлеринин талаптарына шайкештиги жөнүндө көз карандысыз корутунду берүү болуп саналат.

Бул максатта бардык олуттуу аспектилер боюнча жетиштүү жана тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн аудиттин стандарттарына ылайык аудитордук жол-жоболор жүргүзүлдү.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы, республикалык бюджеттен трансферттердин алынышы жана пайдаланылышы, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулушу жана карыздардын өндүрүлүшү, пенсиялардын жана башка социалдык төлөмдөрдүн каржыланышы жана жеткирилиши, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдеринин инвестицияланышы, Резервдик жана Өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын башкарылышы, административдик чыгымдар, санариптештирүү процесстери, ошондой эле мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы саналат.

Аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн багыттар боюнча операциялардын мыйзамдуулугуна, отчеттук маалыматтардын ишенимдүүлүгүнө, каражаттардын максаттуу пайдаланылышына жана шайкештик аудитинин алкагында натыйжалуулукка байланышкан айрым маселелерге баа берилди.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери катары Социалдык фонддун бюджетин түзүүнү жана аткарууну, мамлекеттик социалдык камсыздандырууну, пенсиялык камсыздоону, пенсиялык топтоолорду инвестициялоону, бухгалтердик эсепти,

мамлекеттик сатып алууларды жана мамлекеттик каражаттарды башкарууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптары колдонулду.

**Колдонулган аудит стандарттары**

Аудит ISSAI 400, ISSAI 4000 жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген **«Шайкештик аудити боюнча колдонмого»** ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудит жүргүзүүдө көз карандысыздык, объективдүүлүк, кесипкөйлүк, ак ниеттүүлүк жана купуялуулук принциптери сакталды.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудиттин жүрүшүндө Социалдык фонддун финансылык отчеттуулугу, бюджеттин аткарылышы боюнча маалыматтары, ички ченемдик документтери, келишимдери, бухгалтердик эсепке алуу материалдары жана башка тиешелүү документтери изилденип, тандалды.

Аудитти пландаштыруу тобокелдикке негизделген мамиленин негизинде жүргүзүлдү. Алдын ала талдоонун жыйынтыгында төмөнкү негизги аудитордук тобокелдиктер аныкталды:

- Социалдык фонддун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн толук жана мыйзамдуу аткарылбай калуу тобокелдиги;
- республикалык бюджеттен каралган трансферттердин толук жана өз убагында каржыланбай калуу, ошондой эле бюджеттер аралык эсептешүүлөрдүн өз убагында жөнгө салынбай калуу тобокелдиги;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр менен пенсионерлердин катышынын төмөндөшүнө, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын өсүшүнө жана республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттердин олуттуу үлүшүнүн сакталышына байланыштуу пенсиялык системанын финансылык туруктуулук тобокелдиги;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдерин инвестициялоодо алардын концентрациясына, ликвиддүүлүгүнө, сакталышына жана кирешелүүлүгүнө байланыштуу тобокелдиктер;
- Өнүктүрүү жана Резервдик фонддордун каражаттарынын негизсиз же натыйжасыз пайдаланылуу тобокелдиги;
- жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаларды киргизүүдө маалыматтардын толуктугуна, ишенимдүүлүгүнө, коопсуздугуна жана системалардын интеграциясына байланыштуу тобокелдиктер;
- мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын өз убагында жана толук аткарылбай калуу тобокелдиги.

Көрсөтүлгөн тобокелдиктерди эске алуу менен аудитордук жол-жоболордун мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү аныкталып, аудитордук

корутундуларды негиздөө үчүн жетиштүү жана тиешелүү аудитордук далилдер алынды.

## 1. Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышына баа берүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Социалдык фонддун 2023–2024-жылдарга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышына аудиттин жүрүшүндө баа берилди.

**Жазма буйруктун аткарылышы**

Жазма буйруктун 1-пунктунун 1.3-пунктчасында ашыкча төлөнгөн пенсиянын 1 925,0 миң сом суммасын кайтаруу талабы коюлган.

Социалдык фонддун Башкармасынын 2026-жылдын 12-июнундагы №30 токтому менен «Пенсиянын ашыкча төлөнүшүнөн улам зыяндын ордун толтуруу жана ашыкча төлөнгөн пенсия боюнча карызды өндүрүлбөс аласа деп таануу тартиби жөнүндө» жобо бекитилген. Аталган жобонун негизинде өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп табылган 1 925,0 миң сом өлчөмүндөгү дебитордук карыз региондук башкармалыктардын балансынан чыгарылып, баланстан тышкаркы эсепке алынган.

Бирок дебитордук карызды өндүрүлбөс деп таануу жана аны баланстан тышкаркы эсепке өткөрүү ашыкча төлөнгөн пенсиянын суммасын иш жүзүндө калыбына келтирүүнү билдирбейт жана жазма буйруктун талаптарынын аткарылышы катары бааланбайт. Аудитке берилген маалыматтар боюнча көрсөтүлгөн 1 925,0 миң сом Социалдык фонддун тиешелүү эсебине иш жүзүндө кайтарылган эмес.

Мындан тышкары, карызды өндүрүлбөс деп таанууга чейин аны өндүрүү боюнча мыйзамдарда каралган бардык чаралар көрүлгөндүгүн, ашыкча төлөмдөрдүн келип чыгышына жол берген жооптуу адамдар аныкталгандыгын жана алардын жоопкерчилиги мыйзамдарга ылайык каралгандыгын ырастоочу жетиштүү аудитордук далилдер аудитке сунушталган эмес.

Ушуга байланыштуу жазма буйруктун 1-пунктунун 1.3-пунктчасы аткарылган эмес деп бааланат.

**Сунуштамалардын аткарылышы**

Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштамалардын төмөнкү пункттары толук аткарылган эмес:

**7-пункт** - «Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында резервдик фонд түзүү маселесин кароо жөнүндө;

**10-пункт** - Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун убактылуу бош каражаттарын натыйжалуу пайдалануу жана кошумча инвестициялык киреше

алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында аталган Мыйзамдын 19-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин кароо жөнүндө.

Аудиттин жүрүшүндө 7-пункт боюнча Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун резервдик фонду жөнүндө жобонун долбоору иштелип чыгып, кызыкдар мамлекеттик органдар менен макулдашуу жол-жобосунан өтүп жатканы аныкталды.

10-пункт боюнча тиешелүү мыйзам долбоору Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан жактырылып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин кароосуна жөнөтүлгөн.

Демек, көрсөтүлгөн сунуштамаларды аткаруу боюнча белгилүү уюштуруучулук иштер жүргүзүлгөнү менен, аудит аяктаган күнгө карата тиешелүү чечимдер кабыл алынып, иш жүзүндө колдонууга киргизилген эмес. Ушуга байланыштуу сунуштамалардын 7 жана 10-пункттары аткаруу стадиясында деп бааланат.

**Корутунду**

Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышына жүргүзүлгөн баалоо алардын толук көлөмдө аткарылбаганын көрсөттү.

Жазма буйрукта талап кылынган 1 925,0 миң сом өлчөмүндөгү ашыкча төлөнгөн пенсиянын суммасы аудит аяктаган күнгө карата иш жүзүндө калыбына келтирилген эмес. Дебитордук карызды өндүрүлбөс деп таануу жана аны баланстан тышкаркы эсепке өткөрүү жазма буйруктун талаптарын аткарууну алмаштырбайт.

Ошондой эле Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун резервдик фондун түзүүгө жана анын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган сунуштамаларды ишке ашыруу боюнча белгилүү иштер жүргүзүлгөнүнө карабастан, аудит аяктаган күнгө карата тиешелүү чечимдер кабыл алынып, алардын практикалык жүзөгө ашырылышы камсыз кылынган эмес.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- 1 925,0 миң сом өлчөмүндөгү ашыкча төлөнгөн пенсия боюнча карызды өндүрүлбөс деп таануунун негиздүүлүгүнө, аны өндүрүү боюнча мыйзамдарда каралган бардык чаралардын көрүлгөндүгүнө жана тиешелүү документтердин толуктугуна кайрадан баа берсин;
- өндүрүү мүмкүнчүлүгү сакталган суммалар боюнча карызды алуучулардан жана мыйзамдарда каралган учурларда күнөөлүү адамдардан өндүрүү боюнча чараларды улантсын;
- ашыкча пенсиялык төлөмдөрдүн келип чыгуу себептерин жана аларга жол берген жоопттуу адамдарды аныктап, алардын жоопкерчилигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык карасын;
- пенсияларды дайындоодо, кайра эсептөөдө жана төлөөдө ашыкча төлөмдөрдүн келип чыгышына жол бербөө, аларды өз убагында аныктоо жана өндүрүү боюнча ички контролду күчөтсүн;

- мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштамалардын 7 жана 10-пункттарынын аткарылышын аяктап, кабыл алынган чечимдер жана алардын практикалык ишке ашырылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына маалымат берсин.

**2. Социалдык фонд тарабынан жүргүзүлүп жаткан реформалар жана пенсиялык системанын туруктуулугу**

Социалдык фонд тарабынан пенсиялык системаны өркүндөтүүгө, анын финансылык туруктуулугун камсыз кылууга жана пенсионерлердин жашоо деңгээлин жогорулатууга багытталган реформалар жүргүзүлүүдө.

Бул иштер Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №704 токтому менен бекитилген «Келечек булагы» туруктуу пенсиялык системасын өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча жол картасын аткаруунун алкагында жүргүзүлүүдө.

Реформалар пенсиялык саясатты өркүндөтүүгө, мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун камсыздандыруу принциптерин күчөтүүгө, жарандардын пенсиялык укуктарын кеңейтүүгө жана пенсиялык системанын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугун камсыз кылууга багытталган.

**Пенсиялык мыйзамдарды өркүндөтүү**

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 10-майындагы №84 Мыйзамы менен пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга төмөнкү негизги өзгөртүүлөр киргизилген:

- пенсиянын базалык бөлүгүн толук өлчөмдө дайындоо;
- 1996-жылга чейинки мезгил үчүн пенсиянын биринчи камсыздандыруу бөлүгүн эсептөө тартибин жөнөкөйлөтүү;
- III топтогу майыптыгы бар адамдарга пенсиянын камсыздандыруу бөлүгүн толук өлчөмдө төлөө;
- пенсиялык топтоолорду ипотекалык кредиттөөгө, оор ооруларды дарылоого жана жумушсуз калган учурларда пайдалануу механизмдерин өркүндөтүү.

Аталган өзгөртүүлөр пенсияларды дайындоо шарттарын жакшыртууга, жарандардын пенсиялык укуктарын кеңейтүүгө жана пенсиялык топтоолорду социалдык мааниге ээ максаттарга пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга багытталган.

Пенсионерлердин кирешелерин жогорулатуу максатында 2025-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялар орточо 8 пайызга индексацияланган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин талаптарын ишке ашыруунун алкагында 2025-жылдын 1-октябрынан тартып жаңы дайындалган пенсиялардын жалпы өлчөмү өткөн жыл үчүн белгиленген пенсионердин жашоо минимумунан, башкача айтканда 7 100 сомдон төмөн болбоосу камсыз кылынган.

Көрүлгөн чаралар пенсиялардын номиналдык өлчөмүнүн өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Ошол эле учурда алардын пенсионерлердин жашоо деңгээлине

реалдуу таасири орточо пенсиянын өсүү темпин инфляциянын жана пенсионердин жашоо минимумунун өзгөрүшү менен салыштыруу аркылуу бааланууга тийиш.

**Санариптештирүү жана жаңы автоматташтырылган маалыматтык система**

Социалдык фонд тарабынан пенсияларды дайындоо, кайра эсептөө жана төлөө процесстерин санариптештирүү максатында жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны иштеп чыгуу жүргүзүлүүдө.

2024-жылы пенсиялык төлөмдөрдү электрондук форматта түзүүгө жана алардын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген «Төлөмдөр» веб-модулу пайдаланууга берилген. 2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүн эсепке алууну, жекече эсептерди жүргүзүүнү, пенсияларды дайындоону, кайра эсептөөнү, төлөөнү жана тиешелүү отчетторду түзүүнү камтыган жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны иштеп чыгуу улантылган.

Жаңы система 53 райондук жана шаардык башкармалыктарда өзүнчө жүргүзүлгөн локалдык маалымат базаларын бирдиктүү борборлоштурулган маалымат базасына бириктирүүгө багытталган. Ошондой эле пенсиялык иштерди электрондук форматта жүргүзүү жана «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жарандардын ПИНинин негизинде мамлекеттик реестрлерден маалыматтарды автоматтык түрдө алуу каралган.

Социалдык фонддун маалыматы боюнча жаңы системанын алкагында төмөнкү тогуз негизги процесс автоматташтырылган:

1. жаш курагы жана майыптыгы боюнча пенсияларды дайындоо;
2. каза болгон адамдар боюнча пенсиялык төлөмдөрдү токтотуу;
3. аткаруу барактары боюнча кармоолорду жүргүзүү;
4. жарандардын жеке маалыматтарын жаңылоо;
5. пенсияларды индексациялоодо кайра эсептөө;
6. пенсиялык жана башка социалдык төлөмдөрдү жүргүзүү;
7. камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтерин киргизүү;
8. отчетторду автоматтык түрдө түзүү;
9. пенсиялык эсептерди аралыктан ачуу.

Социалдык фонд тарабынан сунушталган маалыматтарга ылайык айрым процесстердин автоматташтырылуу деңгээли 60 пайыздан 100 пайызга чейин жеткен. Натыйжада пенсияны дайындоо мөөнөтү 30 күндөн 1 күнгө, индексациялоо учурунда кайра эсептөө мөөнөтү 30 күндөн 1 саатка, ал эми отчетторду түзүү мөөнөтү 20-30 күндөн бир нече секундага чейин кыскарганы көрсөтүлгөн.

Ошондой эле каза болгон адамдар боюнча төлөмдөрдү токтотуу, аткаруу барактары боюнча кармоолорду жүргүзүү, жеке маалыматтарды жаңылоо жана төлөмдөрдүн реестрлерин түзүү процесстерин автоматташтыруу адам факторунун таасирин жана ашыкча төлөмдөрдүн пайда болуу тобокелдигин азайтууга багытталган.

Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны 2026-жылдын 1-июлунан тартып этап-этабы менен өндүрүштүк пайдаланууга киргизүү

каралган. Системаны толук ишке киргизгенден кийин «Түндүк» системасы аркылуу алынган маалыматтардын негизинде жарандардын өзүнчө кайрылуусуз пенсияларды проактивдүү тартипте дайындоо пландаштырылууда.

**Корутунду**

Социалдык фонд тарабынан жүргүзүлүп жаткан реформалар пенсиялык системаны өркүндөтүүгө, жарандардын пенсиялык укуктарын кеңейтүүгө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүгө багытталган.

Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны киргизүү пенсияларды дайындоо жана төлөө процесстеринин ыкчамдыгын, ачыктыгын жана көзөмөлдөнүшүн жогорулатууга, кагаз түрүндөгү документ жүгүртүүнү кыскартууга жана адам факторунун таасирин азайтууга өбөлгө түзүшү мүмкүн.

Ошол эле учурда Социалдык фонд тарабынан маалымдалган автоматташтыруунун 60-100 пайыздык деңгээли, операцияларды аткаруу мөөнөттөрүнүн кыскарышы, каталардын жана ашыкча төлөмдөрдүн азайышы эксплуатациялык журналдар, салыштырма статистикалык маалыматтар жана эсептик-экономикалык негиздемелер менен толук ырасталган эмес. Ушуга байланыштуу көрсөтүлгөн натыйжалар аудит тарабынан ырасталган жыйынтык катары эмес, Социалдык фонддун маалыматы катары бааланат.

Системанын күтүлгөн натыйжалуулугу аны белгиленген мөөнөттө толук ишке киргизүүгө, мамлекеттик маалыматтык системалар менен интеграциялоого, маалыматтардын толуктугун, ишенимдүүлүгүн жана маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууга түздөн-түз көз каранды.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны толук ишке киргизүүнү жана мамлекеттик маалыматтык системалар менен интеграциялоону камсыз кылсын, ошондой эле ар бир автоматташтырылган процесс боюнча баштапкы жана жетишилген көрсөткүчтөрдү, операцияларды аткаруу мөөнөттөрүн, каталардын жана ашыкча төлөмдөрдүн азайышын, ошондой эле алынган экономикалык натыйжалуулукту документтештирип, алардын негизинде туруктуу мониторинг жүргүзсүн.

## Социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасы

**1-таблица. Социалдык фонддун негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн 2024-2025-жылдардагы динамикасы**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2024-жылдын аткарылышы | 2025-жылдын аткарылышы | Өзгөрүү (+/–) | Өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү | 73 722,8 | 82 863,1 | +9 140,3 | 112,4 |
| 2 | Башка кирешелер, анын ичинде дивиденддер | 2 151,6 | 2 833,1 | +681,5 | 131,7 |
| 3 | Республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар | 39 367,2 | 44 365,6 | +4 998,4 | 112,7 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | МТПФнын каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелер | 5 546,6 | 6 733,8 | +1 187,2 | 121,4 |
| 5 | Пенсиялык фонддун чыгымдары | 97 591,4 | 113 326,9 | +15 735,5 | 116,1 |
| 6 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна которулган каражаттар | 5 045,9 | 6 304,2 | +1 258,3 | 124,9 |
| 7 | Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна которулган каражаттар | 643,6 | 984,2 | +340,5 | 152,9 |
| 8 | Пенсионерлердин саны, адам | 797 876 | 816 626 | +18 750 | 102,3 |
| 9 | Пенсиянын орточо өлчөмү, сом | 10 585 | 11 232 | +647 | 106,1 |
| 10 | Пенсионердин жашоо минимуму, сом* | 7 063,85 | 7 699,36 | +635,51 | 109,0 |

**2-сүрөт. 2025-жылдагы негизги көрсөткүчтөрдүн өсүү темпи**

*Булак: аудитке сунушталган маалыматтардын негизинде түзүлдү.*




## Пенсиялык системага болгон жүктү баалоо

Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун баалоодо камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр менен пенсионерлердин санынын өз ара катышы негизги индикаторлордун бири болуп саналат. Бул катыш пенсиялык төлөмдөрдү каржылоого түшкөн жүктүн деңгээлин жана пенсиялык системанын киреше базасынын туруктуулугун мүнөздөйт.

2021–2025-жылдар аралыгында камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн жана пенсионерлердин санынын өзгөрүү динамикасы төмөнкү таблицада келтирилди.

**2-таблица. 2021-2025-жылдардагы пенсионерлердин жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санынын динамикасы**

| Көрсөткүч | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2021–2025-жылдардагы өзгөрүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсионерлердин саны, миң адам | 713,0 | 743,7 | 769,6 | 797,9 | 816,6 | +103,6 (+14,5%) |
| Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн саны, миң адам | 1 424,8 | 1 490,3 | 1 553,5 | 1 561,9 | 1 464,2 | +39,4 (+2,8%) |
| Бир пенсионерге туура келген төлөөчүлөрдүн саны, адам | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 1,8 | –0,2 |

2021-2025-жылдардагы маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, пенсионерлердин саны 713,0 миң адамдан 816,6 миң адамга чейин көбөйүп, өсүш 103,6 миң адамды же 14,5 пайызды түзгөн. Ошол эле мезгилде камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн саны 1 424,8 миң адамдан 1 464,2 миң адамга чейин көбөйүп, өсүш 39,4 миң адамды же 2,8 пайызды гана түзгөн.

2021–2024-жылдары бир пенсионерге орточо 2,0 төлөөчү туура келсе, 2025-жылы бул көрсөткүч 1,8 адамга чейин төмөндөгөн. Мында 2025-жылы пенсионерлердин саны мурунку жылга салыштырмалуу 18,7 миң адамга же 2,3 пайызга көбөйгөн, ал эми камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн саны 97,7 миң адамга же 6,3 пайызга азайган.

Пенсионерлердин санынын өсүү темпи камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн өсүү темпинен кыйла жогору болушу тилектештик пенсиялык системасынын киреше базасына болгон жүктүн көбөйүп жатканын көрсөтөт. Мындай тенденция пенсиялык системанын финансылык туруктуулугу үчүн тобокелдикти күчөтүп, камсыздандыруу базасын кеңейтүү, төлөөчүлөрдүн санын көбөйтүү жана көмүскө эмгек мамилелерин мыйзамдаштыруу боюнча чараларды күчөтүүнү талап кылат.

**3-сүрөт. Төлөөчүлөрдүн жана пенсионерлердин санынын өзгөрүшү**

*Булак: аудитке сунушталган маалыматтардын негизинде түзүлдү.*



3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, 2021-2025-жылдары пенсионерлердин саны камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санына караганда кыйла жогорку темп менен өскөн. Натыйжада пенсиялык системанын киреше базасына болгон жүк жогорулап, бир пенсионерге туура келген төлөөчүлөрдүн санынын азайуу тенденциясы сакталган.

**Корутунду**

2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, башка кирешелердин жана инвестициялык кирешелердин өсүшү Социалдык фонддун киреше базасынын оң динамикасын камсыз кылган.

Ошол эле учурда Пенсиялык фонддун чыгымдарынын өсүү темпи (16,1 пайыз) камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүү темпинен (12,4 пайыз) 3,7 пайыздык пунктка жогору болгон. 2021–2025-жылдардагы динамика пенсионерлердин саны камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санына караганда кыйла тез өсүп жатканын көрсөттү. Натыйжада бир пенсионерге туура келген төлөөчүлөрдүн саны 2,0 адамдан 1,8 адамга чейин төмөндөгөн.

Орточо пенсиянын өлчөмү 6,1 пайызга көбөйгөнү менен, пенсионердин жашоо минимуму 9,0 пайызга, ал эми керектөө баалары 8,2 пайызга өскөн. Натыйжада орточо пенсиянын реалдуу сатып алуу жөндөмү болжол менен 2,0 пайызга төмөндөгөн.

Жогорудагы факторлор пенсиялык системанын киреше базасын кеңейтүү, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санын көбөйтүү, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын пайда болушуна жол бербөө жана пенсиялык системанын орто жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугуна үзгүлтүксүз актуардык баа берүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

- пенсиялык системанын орто жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугуна жүргүзүлгөн актуалдык баалоонун жыйынтыктарынын негизинде анын киреше базасын кеңейтүү, республикалык бюджеттен каржылоого болгон үлүшүн төмөндөтүү жана камсыздандыруу принциптерин чыңдоо боюнча комплекстүү чараларды иштеп чыксын;
- пенсияларды индексациялоо механизмин өркүндөтүүдө инфляциянын деңгээлин, пенсионердин жашоо минимумунун өзгөрүшүн жана пенсиялардын реалдуу сатып алуу жөндөмүн эске алуу маселесин карасын;
- көмүскө эмгек мамилелерин мыйзамдаштыруу жана өз алдынча иштеген жарандарды мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасына тартуу боюнча Социалдык фонддун, Мамлекеттик салык кызматынын жана башка мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүн күчөтсүн.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна:**

- пенсиялык системанын орто жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугуна үзгүлтүксүз актуардык баа берүүнү, анын ичинде пенсионерлердин жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санынын болжолдуу өзгөрүшүн, пенсиялык милдеттенмелердин көлөмүн жана

республикалык бюджеттен каржылоого болгон муктаждыкты эсептөөнү камсыз кылсын;

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн базасын кеңейтүү жана төлөөчүлөрдүн санын көбөйтүү боюнча мөөнөттөрдү, жооптуу түзүмдөрдү жана натыйжалуулуктун өлчөнүүчү көрсөткүчтөрүн камтыган иш-чаралар планын иштеп чыксын;

- Мамлекеттик салык кызматы жана башка мамлекеттик органдар менен маалымат алмашуунун негизинде камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн четтеген субъекттерди жана расмий катталбаган эмгек мамилелерин аныктоо боюнча системалуу иштерди жүргүзсүн;

- пенсионерлердин жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн саны боюнча маалыматтарды бирдиктүү методологиянын негизинде түзүп, пенсиялык системага болгон жүктүн өзгөрүшүнө туруктуу талдоо жүргүзсүн;

- пенсиялардын жетиштүүлүгү жөнүндө маалыматтарды даярдоодо алардын номиналдык өлчөмү менен катар инфляциянын деңгээлин, пенсионердин жашоо минимумунун жана реалдуу сатып алуу жөндөмүнүн өзгөрүшүн чагылдырсын.

## 3. Социалдык фонддун бюджетин бекитүү, тактоо жана аткаруу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Мыйзамына ылайык Социалдык фонддун 2025-жылга бюджети кирешелер боюнча 120 536,7 млн сом, чыгашалар боюнча 120 470,1 млн сом өлчөмүндө, 66,6 млн сом профицит менен бекитилген.

Кийинчерээк аталган Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык бюджеттин көрсөткүчтөрү такталып, кирешелер 129 183,7 млн сомго, чыгашалар 127 708,9 млн сомго чейин көбөйтүлгөн. Натыйжада пландаштырылган профицит 1 474,8 млн сомду түзгөн.

Бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

**3-таблица. Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн такталышы**

| Көрсөткүч | Баштапкы бюджет (млн сом) | Такталган бюджет (млн сом) | Өзгөрүү (+/-) |
|---|---|---|---|
| Кирешелер | 120 536,7 | 129 183,7 | +8 647,0 |
| Чыгашалар | 120 470,1 | 127 708,9 | +7 238,8 |
| Профицит | 66,6 | 1 474,8 | +1 408,2 |




4-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бюджет такталгандан кийин кирешелердин пландалган көлөмү 8 647,0 млн сомго, чыгашалар 7 238,8 млн сомго көбөйгөн. Натыйжада пландаштырылган профицит 66,6 млн сомдон 1 474,8 млн сомго чейин көбөйүп, бюджеттик көрсөткүчтөр олуттуу такталган.

**Бюджеттин такталышы**

Бюджетти тактоонун натыйжасында кирешелердин көлөмү бекитилген бюджетке салыштырмалуу 8 647,0 млн сомго же 7,2 пайызга, чыгашалар 7 238,8 млн сомго же 6,0 пайызга көбөйтүлгөн. Натыйжада пландаштырылган профицит 66,6 млн сомдон 1 474,8 млн сомго чейин жогорулаган.

Бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн такталышы төмөнкү негизги факторлор менен шартталган:

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн пландалган көлөмүнүн 75,0 млрд сомдон 82,1 млрд сомго чейин көбөйтүлүшү, анын ичинде эмгек акы фондунун өсүшү жана такси айдоочулары менен курьерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жаңы тарифтеринин киргизилиши;
- пенсияларды индексациялоого байланыштуу республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын көбөйүшү;
- башка кирешелер боюнча күтүлгөн түшүүлөрдүн өсүшү;
- макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшү, пенсионерлердин санынын көбөйүшү жана мамлекеттик социалдык милдеттенмелердин көлөмүнүн өсүшү.

Натыйжада кирешелердин өсүү темпи чыгашалардын өсүү темпинен жогору болуп, пландаштырылган профицит 1 408,2 млн сомго көбөйгөн.

**Бюджеттин аткарылышы**

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун жалпы кирешелери 130 061,8 млн сомду түзүп, такталган бюджеттен 878,1 млн сомго ашык аткарылган. Кирешелер боюнча аткаруу деңгээли 100,7 пайызды түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешелери 14 820,2 млн сомго же 12,9 пайызга көбөйгөн. Кирешелердин өсүшү негизинен камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын, башка

кирешелердин жана инвестициялык кирешелердин көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалган.

Социалдык фонддун жалпы чыгашалары 127 060,8 млн сомду түзүп, такталган бюджетке салыштырмалуу 648,1 млн сомго аз аткарылган. Чыгашалар боюнча аткаруу деңгээли 99,5 пайызды түзгөн.

Натыйжада Социалдык фонддун бюджети 3 001,0 млн сом профицит менен аткарылган. Иш жүзүндөгү профицит такталган бюджетте каралган көрсөткүчтөн 1 526,2 млн сомго же эки эседен ашык жогору болгон.

Профициттин пландагыдан жогору түзүлүшү төмөнкү негизги факторлор менен шартталган:

- кирешелердин такталган бюджетке салыштырмалуу 878,1 млн сомго ашык түшүшү;
- чыгашалардын такталган бюджетке салыштырмалуу 648,1 млн сомго аз аткарылышы.

Ошол эле учурда профициттин пайда болушу өзүнөн өзү бюджеттик каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугун билдирбейт. Ал кирешелердин пландан ашык түшүшү менен катар айрым чыгашалардын отчеттук мезгилде толук аткарылбай калышы, төлөмдөрдүн мөөнөттөрүнүн жылышы же бюджеттик милдеттенмелердин кийинки мезгилге өтүшү менен да шартталышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу профициттин түзүлүү себептери кирешелердин жана чыгашалардын тиешелүү багыттары боюнча өзүнчө талдоого алынууга тийиш.

**Бюджеттин ички дүң продукцияга карата үлүшү**

2025-жылы Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери өлкөнүн ички дүң продукциясынын 6,6 пайызын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 1,0 пайыздык пунктка, ал эми такталган бюджетте каралган көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,7 пайыздык пунктка төмөн болгон.

Социалдык фонддун бюджетинин чыгашалары ички дүң продукциянын 6,4 пайызын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 0,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын абсолюттук көлөмү өскөнүнө карабастан, алардын ички дүң продукцияга карата үлүшүнүн төмөндөшү өлкөнүн ички дүң продукциясынын Социалдык фонддун бюджетинин көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу жогорку темп менен өскөнүн көрсөтөт.

**Корутунду**

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджети мыйзамда белгиленген тартипте бекитилип, отчеттук жылдын ичинде тиешелүү мыйзам менен такталган.

Бюджетти тактоодо камсыздандыруу төгүмдөрүнүн күтүлгөн өсүшү, пенсияларды индексациялоо, республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын көбөйүшү, башка кирешелердин өсүшү жана мамлекеттик социалдык милдеттенмелердин көлөмүнүн өзгөрүшү эске алынган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттин киреше бөлүгү 100,7 пайызга, чыгаша бөлүгү 99,5 пайызга аткарылып, бюджет 3 001,0 млн сом профицит менен аткарылган. Бул Социалдык фонддун бюджетинин негизги көрсөткүчтөрү жалпысынан аткарылганын көрсөтөт.

Ошол эле учурда иш жүзүндөгү профициттин такталган бюджетте каралган көрсөткүчтөн эки эседен ашык болушу кирешелерди жана чыгашаларды пландаштыруунун тактыгына баа берүүнү, ошондой эле кирешелердин пландан ашык түшүшүнүн жана айрым чыгашалардын толук аткарылбай калышынын себептерин системалуу талдоону талап кылат.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна:**

- бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн пландаштырууда өткөн жылдардагы аткаруунун жыйынтыктарын, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү, пенсионерлердин санынын өзгөрүшүн жана пенсиялык милдеттенмелердин болжолдуу көлөмүн толук эске алсын;
- бюджеттик көрсөткүчтөрдү тактоодо кирешелердин жана чыгашалардын ар бир багыты боюнча эсептөөлөрдүн негиздүүлүгүн жана аларды ырастоочу документтердин толуктугун камсыз кылсын;
- кирешелердин пландан ашык түшүшүнүн жана чыгашалардын толук аткарылбай калышынын себептерин тиешелүү багыттар боюнча талдап, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто ачып көрсөтсүн;
- бюджеттик профициттин түзүлүү себептерин, анын ичинде туруктуу кирешелердин, бир жолку түшүүлөрдүн, чыгашалардын үнөмдөлүшүнүн жана кийинки мезгилге өтүүчү милдеттенмелердин таасирин өзүнчө талдап, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто чагылдырсын.

**4-таблица. Социалдык фонддун 2025-жылдагы бюджетинин аткарылышынын негизги көрсөткүчтөрү**

**(млн сом)**

| Көрсөткүчтөр | 2024-ж. аткарылышы | 2025-ж. бекитилген бюджет | 2025-ж. такталган бюджет | 2025-ж. аткарылышы | Такталган бюджетке карата (+/-) | % | 2024-жылга карата (+/-) | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык кирешелер** | **115 241,6** | **120 536,7** | **129 183,7** | **130 061,8** | **878,1** | **100,7** | **14 820,2** | **112,9** |
| ИДПга карата, % | 7,6 | 7,4 | 7,3 | 6,6 | | | | |
| Пенсиялык фонд | 104 551,4 | 110 219,1 | 115 864,6 | 116 596,5 | 731,9 | 100,6 | 12 045,1 | 111,5 |
| Мамтоптомо пенсиялык фонду | 4 782,4 | 4 228,4 | 6 333,5 | 6 445,5 | 112,0 | 101,8 | 1 663,1 | 134,8 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 5 248,9 | 5 418,6 | 6 043,2 | 6 073,3 | 30,1 | 100,5 | 824,4 | 115,7 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 658,9 | 670,6 | 942,4 | 946,5 | 4,1 | 100,4 | 287,6 | 143,6 |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү** | **73 722,8** | **75 000,0** | **82 136,0** | **82 863,1** | **727,1** | **100,9** | **9 140,3** | **112,4** |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Башка кирешелер** | **2 151,6** | **1 831,9** | **2 682,0** | **2 833,1** | **151,1** | **105,6** | **681,5** | **131,7** |
| **Республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар** | **39 367,2** | **43 704,8** | **44 365,6** | **44 365,6** | **0,0** | **100,0** | **4 998,4** | **112,7** |
| **Бардык чыгашалар** | **108 063,4** | **120 470,1** | **127 708,9** | **127 060,8** | **-648,1** | **99,5** | **18 997,4** | **117,6** |
| ИДПга карата, % | 7,1 | 7,4 | 7,2 | 6,4 | | | | |
| **Профицит (+), дефицит (-)** | **7 178,2** | **66,6** | **1 474,8** | **3 001,0** | **1 526,2** | **203,5** | **-4 177,2** | **41,8** |

## Бюджеттин аткарылышы боюнча аудиттин жыйынтыгы

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери такталган бюджеттен 878,1 млн сомго ашык, ал эми чыгашалары 648,1 млн сомго аз аткарылган. Натыйжада бюджет 3 001,0 млн сом профицит менен аткарылып, иш жүзүндөгү профицит такталган бюджетте каралган көрсөткүчтөн 1 526,2 млн сомго же эки эседен ашык жогору болгон.

Ошол эле учурда республикалык бюджеттен бөлүнгөн 44 365,6 млн сом Социалдык фонддун жалпы кирешелеринин 34,1 пайызын түзгөн. Бул көрсөткүч 2021-жылдагы 37,8 пайызга салыштырмалуу төмөндөгөнү менен, республикалык бюджеттин каражаттары пенсиялык милдеттенмелерди каржылоонун маанилүү булагы бойдон калууда.

Бюджеттик профициттин пландагыдан жогору түзүлүшү негизинен кирешелердин пландан ашык түшүшү жана чыгашалардын толук аткарылбай калышы менен шартталган. Ошол эле учурда бюджеттик профициттин болушу өзүнөн өзү бюджеттик каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугун ырастабайт. Анын түзүлүшүнө туруктуу кирешелердин өсүшү менен катар бир жолку түшүүлөр, айрым чыгашалардын аткарылбай калышы, төлөмдөрдүн мөөнөттөрүнүн жылышы жана бюджеттик милдеттенмелердин кийинки мезгилге өтүшү да таасир этиши мүмкүн.

Аудитке сунушталган маалыматтарда профициттин кандай факторлордун эсебинен түзүлгөнү (туруктуу кирешелердин өсүшү, бир жолку түшүүлөр, чыгашалардын үнөмдөлүшү же кийинки мезгилге өтүүчү милдеттенмелер) өзүнчө ачылып көрсөтүлгөн эмес. Бул профициттин түзүмүнө жана туруктуулугуна толук баа берүүнү чектеген.

Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери менен чыгашалары абсолюттук мааниде өскөнүнө карабастан, алардын ички дүң продукцияга карата үлүшү төмөндөгөн. Бул өлкөнүн ички дүң продукциясынын Социалдык фонддун бюджетинин көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу жогорку темп менен өскөндүгүнө байланыштуу.

### Корутунду

Аудитордук топтун пикири боюнча, Социалдык фонддун 2025-жылга бюджети жалпысынан мыйзамдардын талаптарына ылайык бекитилип, такталып жана аткарылган.

Ошону менен бирге аудит бюджеттин киреше жана чыгаша көрсөткүчтөрүн пландаштыруунун тактыгын жогорулатуу, бюджеттик профициттин түзүлүшүнө таасир эткен факторлорду толук талдоо жана анын туруктуулугуна системалуу баа берүү зарылдыгын көрсөттү.

Мындан тышкары, республикалык бюджеттин каражаттары пенсиялык милдеттенмелерди каржылоодо маанилүү орунду ээлеп жаткандыктан, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн базасын кеңейтүүгө жана пенсиялык системанын орто жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугун камсыз кылууга багытталган чараларды ырааттуу улантуу талап кылынат.

### 3.1. Киреше бөлүгү

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери 130 061,8 млн сомду түзүп, такталган бюджетке салыштырмалуу 878,1 млн сомго же 100,7 пайызга аткарылган.

2024-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешелери 14 820,2 млн сомго же 12,9 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда кирешелердин өсүү темпи 2024-жылдагы 15,3 пайыздан 2025-жылы 12,9 пайызга чейин төмөндөп, 2,4 пайыздык пунктка жайлаган.

Кирешелердин өсүшү негизинен камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын, башка кирешелердин жана Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелердин көбөйүшү менен камсыздалган.

Киреше бөлүгүнүн түзүмү жана негизги булактары төмөндө кеңири талданат.




5-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, 2025-жылы Социалдык фонддун бюджетинин кирешелеринин негизги бөлүгүн камсыздандыруу төгүмдөрү түзүп, алардын көлөмү 82 863,1 млн сомду же жалпы кирешелердин 63,7 пайызын түзгөн. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар 44 365,6 млн сомду же 34,1 пайызды түзүп, пенсиялык милдеттенмелерди каржылоодо

мамлекеттик колдоонун олуттуу үлүшү сакталып жатканын көрсөтөт. Башка кирешелердин көлөмү 2 833,1 млн сомду же жалпы кирешелердин 2,2 пайызын түзгөн.

**Корутунду**

Социалдык фонддун 2025-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгү такталган көрсөткүчтөн 878,1 млн сомго же 100,7 пайызга аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу кирешелердин өсүү оң динамикасы сакталган.

Ошол эле учурда аудит кирешелердин өсүү темпинин 2024-жылга салыштырмалуу жайлаганын, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын сакталып жатканын жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын кирешелердин түзүмүндөгү олуттуу үлүшү уланып жатканын көрсөттү. Бул жагдайлар камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүн толук камсыз кылууга, карыздарды өндүрүү боюнча иштерди күчөтүүгө жана Социалдык фонддун өз киреше базасын кеңейтүүгө багытталган чараларды ырааттуу улантуунун зарылдыгын айгинелейт.

**3.1.1. Камсыздандыруу төгүмдөрү**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн администрациялоо жана жыйноо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Социалдык фонд камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүн эсепке алууну, аларды тиешелүү фонддор боюнча бөлүштүрүүнү жана камсыздандырылган адамдардын жеке эсептеринде чагылдырууну камсыз кылат.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы түшүүсү 82 863,1 млн сомду түзүп, такталган бюджетке салыштырмалуу 727,1 млн сомго ашык аткарылган. Аткаруу деңгээли 100,9 пайызды түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмү 9 140,3 млн сомго же 12,4 пайызга көбөйгөн. Бул Социалдык фонддун жалпы кирешелеринин өсүшүнүн негизги булагы болуп, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бюджеттин киреше түзүмүндөгү үстөмдүк кылуучу ролу сакталганын көрсөтөт.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүшүнө эмгек акы фондунун көбөйүшү, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн айрым категориялары боюнча тарифтердин өзгөрүшү, ошондой эле төгүмдөрдү администрациялоону жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралар оң таасирин тийгизген. Ошол эле учурда камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын сакталып турушу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук жана өз убагында түшүүсүн камсыз кылуу боюнча иштерди мындан ары да күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**5-таблица. Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча түшүүсү**

*(млн сом)*

| Көрсөткүчтөр | 2024-ж. аткаруу | 2025-жылга бюджет | 2025-ж. аткаруу | Өзгөрүү, млн сом | Өсүү темпи, % | Бюджеттин аткарылышы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Юридикалык жактар | 72 058,9 | 79 881,0 | 80 412,4 | 8 353,5 | 111,6 | 100,7 |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 266,5 | 369,0 | 162,9 | -103,6 | 61,1 | 44,1 |
| Жеке ишкерлер | 1 397,4 | 1 886,0 | 2 287,8 | 890,4 | 163,7 | 121,3 |
| **Бардыгы** | **73 722,8** | **82 136,0** | **82 863,1** | **9 140,3** | **112,4** | **100,9** |

Таблицада көрүнүп тургандай, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги бөлүгү юридикалык жактар тарабынан төлөнүп, алардын үлүшүнө жалпы түшүүлөрдүн 97 пайызга жакыны туура келген. Юридикалык жактар боюнча түшүүлөр такталган бюджеттен 100,7 пайызга аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу 11,6 пайызга өскөн.

Жеке ишкерлер тарабынан төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрү 2024-жылга салыштырмалуу 63,7 пайызга көбөйүп, эң жогорку өсүү темпин көрсөткөн. Ошол эле учурда дыйкан-фермердик чарбалар боюнча түшүүлөр 2024-жылга салыштырмалуу 38,9 пайызга азайып, бюджет 44,1 пайызга гана аткарылган. Бул аталган категория боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнө таасир эткен себептерди кошумча талдоону талап кылат.

Жүргүзүлгөн талдоо камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги бөлүгү юридикалык жактар тарабынан камсыздалганын көрсөттү. 2025-жылы юридикалык жактардан 80 412,4 млн сом түшүп, бул камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнүн 97,0 пайызын түзгөн. 2024-жылга салыштырмалуу түшүүлөр 8 353,5 млн сомго же 11,6 пайызга көбөйүп, бюджет 100,7 пайызга аткарылган. Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы өсүшүнүн негизги бөлүгү ушул категориядагы төлөөчүлөрдүн эсебинен камсыздалган.

Жеке ишкерлер тарабынан төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрү 2 287,8 млн сомду түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 890,4 млн сомго же 63,7 пайызга көбөйгөн. Бюджет 121,3 пайызга аткарылып, түшүүлөр пландан 401,8 млн сомго ашкан.

Социалдык фонд тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, жеке ишкерлерден түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүшүнө Кыргыз Республикасынын «Салык салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын кабыл алынышы жана Мамлекеттик салык кызматы тарабынан «Базар» маалыматтык платформасынын ишке киргизилиши оң таасирин тийгизген. Аталган чаралар соода ишин жүргүзгөн субъекттерди эсепке алууну жана аларды мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасына тартууну жакшыртууга өбөлгө түзгөн.

Ошол эле учурда дыйкан (фермер) чарбаларынан түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү 162,9 млн сомду түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 103,6 млн сомго же 38,9 пайызга азайган. Планда каралган 369,0 млн сомдун 162,9 млн сому түшүп, бюджеттин аткарылышы 44,1 пайызды түзгөн.

Социалдык фонд тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, түшүүлөрдүн азайышы Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде дыйкан (фермер) чарбаларынын айрым категориялары камсыздандыруу төгүмдөрүн милдеттүү төлөөдөн бошотулгандыгы менен байланыштуу.

Дыйкан (фермер) чарбалары боюнча пландын 55,9 пайызга аткарылбай калышы, ал эми жеке ишкерлер боюнча 21,3 пайызга ашык аткарылышы төлөөчүлөрдүн көрсөтүлгөн категориялары боюнча мыйзамдык жана администрациялоо механизмдериндеги өзгөрүүлөрдүн бюджеттик көрсөткүчтөргө тийгизген таасири пландаштыруу процессинде эске алынбаганын көрсөтөт.

Мындан тышкары, 2025-жылдын 1-сентябрынан тартып жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча маалыматтык платформалар, такси жана курьердик кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөнүн жаңы механизми киргизилген.

Социалдык фонддун маалыматы боюнча жаңы механизмдин алкагында такси жана курьердик кызматтарды көрсөткөн 100 миңден ашык адам мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасына тартылган. Ошол эле учурда аудитке сунушталган маалыматтарда жаңы катталган адамдардын так саны, алар боюнча чегерилген жана иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмү, ошондой эле мурда камсыздандыруу системасында катталган адамдардан өзүнчө бөлүнгөн маалыматтар берилген эмес.

Ушуга байланыштуу жаңы механизмдин камсыздандыруу төгүмдөрүнүн базасын кеңейтүүгө жана Социалдык фонддун кирешелерин көбөйтүүгө тийгизген иш жүзүндөгү таасирине толук баа берүү мүмкүн болгон жок.

**Корутунду**

2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы түшүүсү өткөн жылга салыштырмалуу 12,4 пайызга көбөйүп, такталган бюджет 100,9 пайызга аткарылган.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги бөлүгү жана алардын жалпы өсүшү юридикалык жактардын төлөмдөрүнүн эсебинен камсыздалган. Жеке ишкерлер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн олуттуу өсүшү төлөөчүлөрдү эсепке алуу жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасына тартуу боюнча жүргүзүлгөн чаралардын оң натыйжасын көрсөтөт.

Ошол эле учурда төлөөчүлөрдүн айрым категориялары боюнча пландалган жана иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрдүн ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталган. Бул мыйзамдардагы жана камсыздандыруу төгүмдөрүн администрациялоо механизмдериндеги өзгөрүүлөрдүн бюджеттик пландаштырууда толук эске алынбаганын көрсөтөт.

Такси жана курьердик кызматтарды көрсөткөн адамдарды мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасына тартуунун жаңы механизми киргизилгенине карабастан, анын камтуу деңгээли жана финансылык натыйжалуулугу боюнча өзүнчө эсеп жүргүзүлбөгөндүктөн, аталган

механизмдин камсыздандыруу төгүмдөрүнүн базасын кеңейтүүгө жана Социалдык фонддун кирешелерине тийгизген иш жүзүндөгү таасирин толук баалоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүн түзүүдө мыйзамдардагы, тарифтердеги жана администрациялоо механизмдериндеги өзгөрүүлөрдүн күтүлгөн таасирин эске алсын;
- төлөөчүлөрдүн ар бир категориясы боюнча чегерилген, төлөнгөн жана төлөнбөй калган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өзүнчө эсепке алынышын жана туруктуу талданышын камсыз кылсын;
- такси, курьердик жана башка маалыматтык платформалар аркылуу иштеген адамдар боюнча катталган төлөөчүлөрдүн санын, чегерилген жана иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүн өзүнчө эсепке алууну камсыз кылсын;
- камсыздандыруу системасына жаңы тартылган адамдардын санын мурда катталган адамдардан өзүнчө эсепке алып, жаңы механизмдин камсыздандыруу базасына жана Социалдык фонддун кирешелерине тийгизген таасирине туруктуу мониторинг жүргүзсүн;
- төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча пландалган жана иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрдүн ортосундагы олуттуу четтөөлөрдүн себептерин талдап, анын жыйынтыктарын кийинки жылдардын бюджеттик пландаштырылуусунда эске алсын.

**6-таблица. Фонддор боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү**

*(млн сом)*

| Көрсөткүчтөр | 2024-ж. аткаруу | 2025-жылга бюджет | 2025-ж. аткаруу | Өзгөрүү, млн сом | Өсүү темпи, % | Бюджеттин аткарылышы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү, бардыгы | 73 722,8 | 82 136,0 | 82 863,1 | 9 140,3 | 112,4 | 100,9 |
| Пенсиялык фонд | 62 849,8 | 68 600,9 | 69 180,6 | 6 330,8 | 110,1 | 100,8 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд | 4 782,4 | 6 333,5 | 6 445,5 | 1 663,1 | 134,8 | 101,8 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 5 411,3 | 6 230,1 | 6 261,2 | 849,9 | 115,7 | 100,5 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 679,3 | 971,5 | 975,8 | 296,5 | 143,6 | 100,4 |
| **Бардыгы** | **73 722,8** | **82 136,0** | **82 863,1** | **9 140,3** | **112,4** | **100,9** |

2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги бөлүгү Пенсиялык фондго багытталып, ага 69 180,6 млн сом же камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнүн **83,5 пайызы** түзөт 2024-жылга салыштырмалуу Пенсиялык

фонддун кирешеси 6 330,8 млн сомго же 10,1 пайызга көбөйүп, бюджет 100,8 пайызга аткарылган.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго 6 445,5 млн сом түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу 1 663,1 млн сомго же 34,8 пайызга өскөн. Бюджеттин аткарылышы 101,8 пайызды түзгөн.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 6 261,2 млн сом түшүп, 2024-жылга салыштырмалуу 849,9 млн сомго же 15,7 пайызга көбөйгөн. Бюджет 100,5 пайызга аткарылган.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча түшүүлөр 975,8 млн сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 296,5 млн сомго же 43,6 пайызга көбөйгөн. Бул бардык фонддор арасында эң жогорку өсүү темпи болуп саналат. Бюджеттин аткарылышы 100,4 пайызды түзгөн.

Жүргүзүлгөн талдоо камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түзүмүндө Пенсиялык фонддун басымдуу үлүшү сакталып жатканын көрсөттү. Ошол эле учурда Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча өсүү темпи жалпы көрсөткүчтөн кыйла жогору болгон, бул камсыздандыруу төгүмдөрүнүн фонддор боюнча бөлүштүрүлүшүнүн динамикасында оң өзгөрүүлөр байкалганын көрсөтөт.

**Корутунду**

2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү бардык фонддор боюнча такталган бюджеттен жогору аткарылган.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги бөлүгү мурдагыдай эле Пенсиялык фондго багытталып, анын жалпы көлөмдөгү басымдуу үлүшү сакталган.

Ошол эле учурда Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча өсүү темпинин жалпы көрсөткүчтөн жогору болушу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн фонддор боюнча бөлүштүрүлүшүндө оң динамика бар экенин көрсөтөт.

**Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыз**

2026-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча жалпы карыз 2 544,1 млн сомду түзгөн, анын ичинде негизги төлөмдөр жана туумдар боюнча - 1 002,9 млн сомду (39,4 пайыз), ал эми санкциялар боюнча - 1 541,3 млн сомду (60,6 пайыз) түзгөн. Карыз 45 138 жеке эсеп боюнча катталган.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздын жалпы көлөмү 2025-жылы түшкөн 82 863,1 млн сом камсыздандыруу төгүмдөрүнүн 3,1 пайызына барабар болгон.

**6-сүрөт.** Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздын түзүмү




Жүргүзүлгөн талдоо карыздын түзүмүндө санкциялардын үлүшү негизги төлөмдөрдүн көлөмүнөн кыйла жогору экенин көрсөттү. Бул карыздардын олуттуу бөлүгү узак убакыттан бери өндүрүлбөй келе жатканын, алардын пайда болуу мөөнөттөрүн, түзүмүн жана өндүрүү мүмкүнчүлүгүн кошумча талдоо зарылдыгын көрсөтөт.

Ошону менен бирге, карыздардын басымдуу бөлүгүн санкциялар түзүшү камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды өндүрүү боюнча колдонулуп жаткан механизмдердин натыйжалуулугун баалоону, өндүрүүгө мүмкүн болбогон карыздардын көлөмүн тактоону жана дебитордук карыздарды башкарууну өркүндөтүү боюнча кошумча чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Корутунду**

2026-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздын көлөмү 2 544,1 млн сомду түзүп, анын 60,6 пайызы санкциялардан турган.

Карыздын түзүмүндө санкциялардын басымдуу үлүшүнүн сакталышы камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды өз убагында өндүрүү жана дебитордук карыздарды башкаруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштама**

- Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын пайда болуу мөөнөттөрүнө, өндүрүү мүмкүнчүлүгүнө жана карызкорлордун категорияларына үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүп, өндүрүүгө мүмкүн болбогон карыздарды өндүрүү боюнча көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугуна туруктуу мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылсын.

### 3.1.2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине

бюджети жөнүндө» Мыйзамына ылайык Социалдык фондго республикалык бюджеттен 43 704,8 млн сом өлчөмүндө каражат каралган.

Кийинчерээк аталган Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын көлөмү 44 365,6 млн сомго чейин көбөйтүлгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча такталган бюджеттик ассигнованиялар толук көлөмдө каржыланып, республикалык бюджеттен 44 365,6 млн сом түшкөн. Бюджеттик көрсөткүч 100,0 пайызга аткарылган. Бул көрсөткүч 2024-жылга салыштырмалуу 4 998,4 млн сомго же 12,7 пайызга көп болгон.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көлөмүнүн көбөйүшү төмөнкү негизги факторлор менен шартталган:

- пенсияларды индексациялоо;
- пенсионерлердин санынын өсүшү;
- макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшү;
- 2025-жылдын 1-октябрынан тартып жаңы дайындалган пенсиялардын жалпы өлчөмүн пенсиянын базалык бөлүгүнүн эсебинен 7 100 сомго чейин жеткирүү.

**Корутунду**

2025-жылы республикалык бюджеттен Социалдык фондго каралган каражаттар толук көлөмдө каржыланып, бюджеттик көрсөткүч 100,0 пайызга аткарылган. Өткөн жылга салыштырмалуу республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көлөмүнүн 12,7 пайызга көбөйүшү пенсиялык камсыздоого мамлекеттик колдоонун жогорулаганын көрсөтөт.

**7-таблица. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түзүмү**

| Көрсөткүчтөр | 2024-ж. Аткаруу | 2025-ж. Бекитилген бюджет | 2025-ж. Такталган бюджет | 2025-ж. Аткаруу | +/- | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 28 223,5 | 31 838,5 | 32 737,8 | 32 737,8 | 4 514,3 | 116,0 |
| Электр энергиясы үчүн компенсациялар | 1 489,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | -1 489,5 | 0,0 |
| Аскер кызматчыларына пенсиялар | 4 535,0 | 5 642,6 | 4 859,0 | 4 859,0 | 324,0 | 107,1 |
| Аскер кызматкерлерине бир жолку жөлөкпул | 94,3 | 204,4 | 117,9 | 117,9 | 23,6 | 125,0 |
| Пенсиялар жана пенсияларга үстөктөр | 5 025,0 | 6 019,3 | 6 650,9 | 6 650,9 | 1 625,9 | 132,4 |
| Бардыгы | 39 367,2 | 43 704,8 | 44 365,6 | 44 365,6 | 4 998,4 | 112,7 |

**7-сүрөт. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түзүмү**




Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын негизги бөлүгү пенсиянын базалык бөлүгүн каржылоого багытталган. Бул максатка 32 737,8 млн сом бөлүнүп, республикалык бюджеттен каралган жалпы каражаттардын **73,8 пайызын** түзгөн.

Пенсияларды жана пенсияларга үстөктөрдү каржылоого **6 650,9 млн сом** бөлүнүп, 2024-жылга салыштырмалуу **1 625,9 млн сомго же 32,4 пайызга** көбөйгөн.

Аскер кызматчыларынын пенсияларын жана аларга байланыштуу бир жолку жөлөкпулдарды каржылоого жалпысынан **4 976,9 млн сом** багытталган, анын ичинде аскер кызматчыларынын пенсияларына - **4 859,0 млн сом**, бир жолку жөлөкпулдарга -**117,9 млн сом** бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 28-июнундагы №168 Жарлыгына ылайык пенсияларга мурда төлөнүп келген электр энергиясы үчүн ай сайынгы компенсациялык төлөмдөр токтотулгандыктан, **2025-жылы бул багыт боюнча республикалык бюджеттен өзүнчө каражат каралган эмес.**

Жалпысынан республикалык бюджеттен бөлүнгөн **44 365,6 млн сом** Социалдык фонддун 2025-жылдагы жалпы кирешелеринин **34,1 пайызын** түзгөн. Бул пенсиялык камсыздоо системасын каржылоодо республикалык бюджеттин олуттуу үлүшү сакталып жатканын көрсөтөт.

**8-таблица. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын Социалдык фонддун жалпы кирешелериндеги үлүшүнүн 2021–2025-жылдардагы динамикасы**

| Жылдар | СФ жалпы кирешеси | Анын ичинде | Республикалык бюджеттин үлүшү, % |
|---|---|---|---|

| | | СФнын өз кирешеси | Республикалык бюджеттен каржылоо | |
|---|---|---|---|---|
| 2021 | 62 554,2 | 38 901,7 | 23 652,4 | 37,8 |
| 2022 | 81 563,9 | 52 211,6 | 29 352,2 | 36,0 |
| 2023 | 103 180,0 | 65 391,0 | 37 788,9 | 36,6 |
| 2024 | 115 241,6 | 75 874,3 | 39 367,2 | 34,2 |
| 2025 | 130 061,8 | 85 696,1 | 44 365,6 | 34,1 |

2021–2025-жылдары республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын абсолюттук көлөмү 23 652,4 млн сомдон 44 365,6 млн сомго чейин көбөйгөнүнө карабастан, алардын Социалдык фонддун жалпы кирешелериндеги үлүшү 37,8 пайыздан 34,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Бул Социалдык фонддун өз кирешелеринин республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарга салыштырмалуу ыкчам өсүшү менен шартталган. Ошол эле учурда республикалык бюджет пенсиялык камсыздоо системасын каржылоонун маанилүү булагы бойдон калууда.

**Республикалык бюджет менен эсептешүүлөрдүн абалы**

2025-жылга республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттар боюнча **44 365,6 млн сом** өлчөмүндө ассигнованиялар ачылган.

Ошол эле учурда республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, пенсияларды жеткирүүгө кеткен чыгымдарды кошкондо, иш жүзүндө **44 879,6 млн сом** төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен түзүлгөн салыштыруу актысына ылайык, 2024-жылдын аягына карата республикалык бюджеттин Социалдык фонддун алдындагы **660,8 млн сом** өлчөмүндөгү карызы, 2025-жылга ачылган ассигнованиялар жана отчеттук жылда республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөр эске алынганда, **2026-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун пайдасына 1 174,8 млн сом өлчөмүндө сальдо** түзүлгөн.

Аталган сальдо төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде калыптанган:

**9-таблица. Республикалык бюджет менен эсептешүүлөрдүн абалы**

| Көрсөткүч | млн сом |
|---|---|
| 2024-жылдын аягына карата республикалык бюджеттин карызы | 660,8 |
| 2025-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөр | 44 879,6 |
| 2025-жылга ачылган ассигнованиялар | 44 365,6 |
| 2026-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун пайдасына сальдо | 1 174,8 |

Берилген маалыматтарга ылайык **1 174,8 млн сом** өлчөмүндөгү сальдо 2026-жылга Социалдык фонддун бюджетин тактоодо эске алынууга тийиш.

Мында белгиленген сальдо 2025-жылга каралган ассигнованиялардын аткарылбай калган бөлүгү болуп саналбайт. Ал өткөн бюджеттик мезгилден калган карызды, отчеттук жылда жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөрдү жана

ачылган ассигнованияларды камтыган, бюджеттер аралык жөнгө салынууга тийиш болгон эсептешүүлөрдүн жыйынтыгын билдирет.

**Корутунду**

2025-жылга республикалык бюджеттен каралган **44 365,6 млн сом** өлчөмүндөгү такталган ассигнованиялар толук көлөмдө ачылган.

Ошол эле учурда Финансы министрлиги менен түзүлгөн салыштыруу актысына ылайык **2026-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун пайдасына 1 174,8 млн сом өлчөмүндө сальдонун** сакталышы республикалык бюджет менен Социалдык фонддун ортосундагы эсептешүүлөр отчеттук жылдын аягына карата толук жөнгө салынбаганын көрсөтөт.

2021-2025-жылдары республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын Социалдык фонддун жалпы кирешелериндеги үлүшү **37,8 пайыздан 34,1 пайызга** чейин төмөндөгөн. Бул Социалдык фонддун өз кирешелеринин салыштырмалуу жогорку өсүшү менен шартталган оң тенденция болуп саналат.

Ошол эле учурда республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын абсолюттук көлөмү **23 652,4 млн сомдон 44 365,6 млн сомго чейин**, же **87,6 пайызга** көбөйгөн. Бул пенсиялык камсыздоо системасын каржылоодо республикалык бюджеттин ролу олуттуу бойдон калып жатканын көрсөтөт.

Республикалык бюджет менен эсептешүүлөрдүн толук жөнгө салынбай калышы бюджеттик пландаштыруу, республикалык бюджеттен каржылануучу пенсиялык төлөмдөрдү эсепке алуу жана бюджеттер аралык эсептешүүлөрдү өз убагында салыштырып текшерүү механизмдерин өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Социалдык фондго:**

- 2026-жылга бюджетти тактоодо Социалдык фонддун пайдасына аныкталган 1 174,8 млн сом өлчөмүндөгү сальдону толук эске алып, бюджеттер аралык эсептешүүлөрдү жөнгө салууну камсыз кылсын.
- Сальдонун түзүмүн төлөмдөрдүн түрлөрү, пайда болгон мезгилдер жана каржылоо булактары боюнча документтер менен ырастап, анын эсепке алынышын камсыз кылсын.
- Бюджеттер аралык эсептешүүлөрдү отчеттук жыл ичинде мезгил-мезгили менен салыштырып текшерип, аныкталган айырмачылыктарды өз убагында жөнгө салуу боюнча чараларды көрсүн.
- Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетто республикалык бюджет менен эсептешүүлөрдүн абалы, анын ичинде отчеттук жылдын башындагы карыз, ачылган ассигнованиялар, иш жүзүндө жүргүзүлгөн төлөмдөр жана отчеттук жылдын аягындагы сальдо жөнүндө маалыматтарды өзүнчө ачып көрсөтүүнү камсыз кылсын.

### 3.1.3. Башка кирешелер

2025-жылы Социалдык фонддун башка кирешелери такталган бюджетте каралган **2 682,0 млн сомдун** ордуна **2 833,1 млн сомду** түзүп, план **151,1 млн сомго** ашык аткарылган. Бюджеттин аткарылышы **105,6 пайызды** түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу башка кирешелердин көлөмү **681,5 млн сомго**, же **31,7 пайызга** көбөйгөн.

Башка кирешелердин өсүшү негизинен мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешелердин жана дивиденддердин көбөйүшү менен камсыз болгон.

**10-таблица. Башка кирешелердин түзүмү**

**(млн сом)**

| Көрсөткүчтөр | 2024-ж. аткаруу | 2025-жылга бюджет | 2025-ж. аткаруу | Өзгөрүү (+/-) | Өсүү темпи, % | Бюджеттен четтөө (+/-) | Аткарылышы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы, анын ичинде: | 2 151,6 | 2 682,0 | 2 833,1 | 681,5 | 131,7 | 151,1 | 105,6 |
| Акциялар боюнча дивиденддер | 137,0 | 124,0 | 124,0 | -13,0 | 90,5 | 0,0 | 100,0 |
| Убактылуу бош акча каражаттарын мамлекеттик баалуу кагаздарга жана коммерциялык банктардын депозиттерине жайгаштыруудан алынган инвестициялык кирешелер | 489,1 | 1 234,0 | 1 234,0 | 744,9 | 252,3 | 0,0 | 100,0 |
| Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук которбогондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 352,5 | 400,0 | 466,9 | 114,4 | 132,5 | 66,9 | 116,7 |
| Эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 1 118,2 | 900,0 | 904,9 | -213,3 | 80,9 | 4,9 | 100,5 |
| Пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар | 5,8 | 2,0 | 0,0 | -5,8 | 0,0 | -2,0 | 0,0 |
| Регресстик талаптар боюнча иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлгөн каражаттар | 22,6 | 10,0 | 38,9 | 16,3 | 172,1 | 28,9 | 389,0 |
| Социалдык фонддун башка кирешелери | 26,4 | 12,0 | 64,4 | 38,0 | 243,9 | 52,4 | 536,7 |




Жүргүзүлгөн талдоо башка кирешелердин өсүшү негизинен убактылуу бош акча каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелердин көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалганын көрсөттү. Аталган кирешелер 2024-жылдагы **489,1 млн сомдон** 2025-жылы **1 234,0 млн сомго** чейин көбөйүп, өсүш **744,9 млн сомду** же **2,5 эсени** түзгөн.

Инвестициялык кирешелер башка кирешелердин жалпы көлөмүнүн **43,6 пайызын** түзгөн. Алардын өсүшү инвестицияланган каражаттардын көлөмүнүн жана аларды жайгаштыруу шарттарынын өзгөрүшү менен шартталган.

Эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар **904,9 млн сомду** түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу **213,3 млн сомго** же **19,1 пайызга** азайган. Ошол эле учурда белгиленген план **4,9 млн сомго** ашык аткарылып, аткаруу деңгээли **100,5 пайызды** түзгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар боюнча кирешелер **466,9 млн сомду** түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу **114,4 млн сомго** же **32,5 пайызга** көбөйгөн. План **66,9 млн сомго** ашык аткарылып, аткаруу деңгээли **116,7 пайызды** түзгөн.

Туумдар жана айыптар башка кирешелердин жалпы көлөмүнүн **16,5 пайызын** түзгөн. Алардын көбөйүшү бюджетке кошумча киреше алып келгени менен, камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук төлөө боюнча төлөөчүлөрдүн тартибинде көйгөйлөрдүн сакталып жатканын көрсөтөт. Мында туумдар жана айыптардын өсүшү Социалдык фонддун туруктуу киреше базасынын кеңейишин эмес, төлөм тартибин сактоодогу кемчиликтердин уланып жатканын мүнөздөйт.

Акциялар боюнча дивиденддерден түшкөн киреше **124,0 млн сомду** түзүп, белгиленген план толук аткарылган. Ошол эле учурда дивиденддердин көлөмү 2024-жылга салыштырмалуу **13,0 млн сомго** же **9,5 пайызга** азайган.

Регресстик талаптар боюнча иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлгөн каражаттар **38,9 млн сомду** түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу

**16,3 млн сомго** же **72,1 пайызга** көбөйгөн. План **28,9 млн сомго** ашык аткарылып, аткаруу деңгээли **389,0 пайызды** түзгөн.

«Социалдык фонддун башка кирешелери» беренеси боюнча **64,4 млн сом** түшүп, план **52,4 млн сомго** ашык аткарылган. Аткаруу деңгээли **536,7 пайызды** түзгөн.

Регресстик талаптар боюнча өндүрүлгөн каражаттар жана «Социалдык фонддун башка кирешелери» беренеси боюнча пландын бир нече эсе ашык аткарылышы башка кирешелерди пландаштыруу методологиясын кайра карап чыгуу зарылдыгын көрсөтөт.

Пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар боюнча **2,0 млн сом** пландаштырылганы менен, отчеттук жылы түшүүлөр болгон эмес. Аудитке берилген маалыматтарда бул көрсөткүчтүн аткарылбай калышынын себептери жетиштүү негизделген эмес.

**Корутунду**

2025-жылы Социалдык фонддун башка кирешелери боюнча такталган бюджет **105,6 пайызга** аткарылып, 2024-жылга салыштырмалуу **31,7 пайыздык өсүш** камсыздалган.

Башка кирешелердин өсүшүнүн негизги булагы убактылуу бош акча каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелер болгон. Бул убактылуу бош акча каражаттарын жайгаштыруунун натыйжалуулугу жогорулаганын көрсөтөт.

Ошол эле учурда инвестициялык кирешелер финансылык рыноктогу пайыздык чендерге, инвестицияланган каражаттардын көлөмүнө жана аларды жайгаштыруу мөөнөттөрүнө көз каранды болгондуктан, аларды туруктуу жана кепилденген киреше булагы катары кароого болбойт.

Туумдар жана айыптар боюнча кирешелердин өсүшү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өз убагында жана толук төлөнүшү боюнча көйгөйлөрдүн сакталып жатканын көрсөтөт. Социалдык фонддун киреше базасынын туруктуулугун камсыз кылууда туумдар жана айыптардын көлөмүн көбөйтүү эмес, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги суммасынын толук жана өз убагында түшүүсүн камсыз кылуу артыкчылыктуу болууга тийиш.

Кирешелердин айрым түрлөрү боюнча пландын **389,0** жана **536,7 пайызга** аткарылышы, ал эми капиталдаштырылуучу суммалар боюнча түшүүлөрдүн болбошу башка кирешелерди пландаштырууда колдонулган эсептөө ыкмаларын жана болжолдоо механизмдерин өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- башка кирешелердин түрлөрү боюнча пландык көрсөткүчтөрдү түзүүдө өткөн жылдардагы түшүүлөрдү, бир жолку кирешелерди, инвестициялык шарттарды жана кирешелердин пайда болуу өзгөчөлүктөрүн эске алсын;
- регресстик талаптар боюнча өндүрүлгөн каражаттардын жана «Социалдык фонддун башка кирешелери» беренеси боюнча түшүүлөрдүн курамын жылдык отчетто өзүнчө ачып көрсөтсүн;

- пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар боюнча пландын аткарылбай калышынын себептерин талдап, кийинки бюджеттик мезгилдерге карата көрсөткүчтөрдү негиздүү пландаштырууну камсыз кылсын;

- камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча туумдар жана айыптардын өсүшүнүн себептерин талдап, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги суммасынын өз убагында жана толук түшүүсүн камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин күчөтсүн.

### 3.1.3.1. Акциялар боюнча дивиденддер

Социалдык фонд Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 26-февралындагы №42 жана 1998-жылдын 12-декабрындагы №377 жарлыктарына ылайык алынган акционердик коомдордун акцияларына ээлик кылат.

2025-жылдын 1-январына карата Социалдык фонд номиналдык наркы **1 162,9 млн сомду** түзгөн сегиз иштеп жаткан акционердик коомдун акцияларына ээ болгон.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча рентабелдүү иштеген беш акционердик коом тарабынан Социалдык фондго тиешелүү акциялар боюнча жалпы **124,0 млн сом** өлчөмүндө дивиденд эсептелген, анын ичинде:

**11-таблица. Акциялар боюнча эсептелген дивиденддердин түзүмү (2025-жыл)**

**(млн сом)**

| Акционердик коомдун аталышы | Социалдык фонддун акциялардагы үлүшү, % | Эсептелген дивиденддер, млн сом | Жалпы дивиденддердеги үлүшү, % |
|---|---|---|---|
| «Кыргызстан Аэропорттору» ААК | 1,0019 | 91,2 | 73,5 |
| «Кыргызнефтегаз» ААК | 3,92 | 28,1 | 22,7 |
| «Кыргызтелеком» ААК | 12,51 | 2,8 | 2,3 |
| «Учкун» ААК | 0,705 | 1,6 | 1,3 |
| «Бишкек машина куруу заводу» ААК | 8,0 | 0,3 | 0,2 |
| **Бардыгы** | — | **124,0** | **100,0** |

Эсептелген дивиденддердин негизги бөлүгү «Кыргызстан Аэропорттору» ААКка жана «Кыргызнефтегаз» ААКка туура келген. Аталган эки коом боюнча эсептелген дивиденддер **119,3 млн сомду** же жалпы дивиденддердин **96,2 пайызын** түзгөн. Калган үч акционердик коомдун үлүшүнө 4,7 млн сом же жалпы дивиденддердин **3,8 пайызы** туура келген. Бул дивиденддик кирешелердин негизги бөлүгү эки акционердик коомдун финансылык натыйжаларына көз каранды экенин көрсөтөт.

Акционерлердин жылдык жалпы жыйындарынын чечимдерине ылайык чыгашалуу иштеген «Электр станциялары» ААК, «Кыргызстан улуттук электр тармагы» ААК жана «Антибиотик» ААК тарабынан 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча дивиденддер эсептелген эмес.

Эсептелген дивиденддердин жалпы суммасы 2025-жылга бекитилген бюджеттик көрсөткүчкө толук ылайык келип, план **100 пайызга** аткарылган. Ошол эле учурда дивиденддердин көлөмү 2024-жылга салыштырмалуу **13,0 млн сомго** же **9,5 пайызга** азайган.

Социалдык фондго тиешелүү акцияларынын жалпы номиналдык наркына карата 2025-жылы эсептелген дивиденддердин шарттуу кирешелүүлүгү **10,7 пайызды** түзгөн. Бирок бул көрсөткүч акциялардын рыноктук же балланстык наркын, ар бир коом боюнча салынган инвестициялардын көлөмүн жана акциялардын наркынын өзгөрүшүн эске албагандыктан, акциялар портфелинин экономикалык натыйжалуулугу жөнүндө толук жыйынтык чыгарууга жетиштүү негиз болуп саналбайт.

Мындан тышкары, «Кыргызнефтегаз» ААК тарабынан дивиденддер мыйзамда белгиленген мөөнөттө төлөнгөн эмес. Ушуга байланыштуу «Акционердик коомдор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 4-пунктуна ылайык **413,4 миң сом** өлчөмүндө айыптык пайыздар эсептелген.

Ноокен райондук сотунун 2026-жылдын 28-майындагы №ГД-279/26-Д7 чечими менен Социалдык фонддун талаптары канааттандырылган. Соттун чечими 2026-жылдын 30-июнунда мыйзамдуу күчүнө кирген.

**Корутунду**

2025-жылы Социалдык фондго тиешелүү акциялар боюнча **124,0 млн сом** дивиденд эсептелип, белгиленген план толук аткарылган. Ошол эле учурда эсептелген дивиденддердин көлөмү 2024-жылга салыштырмалуу **13,0 млн сомго** же **9,5 пайызга** азайган.

Дивиденддик кирешелердин **96,2 пайызы** эки акционердик коом тарабынан камсыздалган. Бул Социалдык фонддун дивиденддик кирешелеринин жогорку деңгээлде концентрацияланганын жана алардын көлөмү айрым акционердик коомдордун финансылык жыйынтыктарына түздөн-түз көз каранды экенин көрсөтөт.

Сегиз иштеп жаткан акционердик коомдун үчөөсү боюнча дивиденддердин эсептелбеши алардын финансылык абалын жана Социалдык фонд үчүн акцияларга ээлик кылуунун экономикалык натыйжалуулугун мезгил-мезгили менен кайра баалап туруунун зарылдыгын көрсөтөт.

«Кыргызнефтегаз» ААК тарабынан дивиденддердин мыйзамда белгиленген мөөнөттө төлөнбөшү дивиденддердин өз убагында түшүүсүнө туруктуу мониторинг жүргүзүүнү жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды өз убагында өндүрүү боюнча талап коюу иштерин күчөтүүнү талап кылат.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- дивиденддерди төлөөнүн мыйзамда белгиленген мөөнөттөрүнүн сакталышына туруктуу контролду камсыз кылып, мөөнөтү өтүп кеткен суммалар боюнча талап коюу жана соттук өндүрүү чараларын өз убагында көрсүн;

- Ноокен райондук сотунун 2026-жылдын 28-майындагы №ГД-279/26-Д7 чечиминин аткарылышына туруктуу контролду камсыз кылып, өндүрүлгөн каражаттардын Социалдык фонддун тиешелүү эсебине толук чегерилишин камсыз кылсын;

- акциялар портфелинин натыйжалуулугун ар бир акционердик коом боюнча дивиденддик кирешелерди, акциялардын баланстык жана мүмкүн болгон рыноктук наркын, коомдордун финансылык абалын жана дивиденддердин төлөнүү тартибин эске алуу менен мезгил-мезгили менен бааласын;

- дивиденддер эсептелбеген акционердик коомдор боюнча алардын финансылык абалын, чыгашалуулугунун себептерин жана акцияларга ээлик кылуунун мындан аркы экономикалык максатка ылайыктуулугун талдап турсун.

### 3.1.3.2. Мамлекеттик баалуу кагаздардан алынган кирешелер

Натыйжада 2025-жылдын 31-декабрына карата мамлекеттик баалуу кагаздардын калдыгы 18 842,4 млн сомду түзүп, жыл башына салыштырмалуу 15 178,9 млн сомго көбөйгөн же 5,1 эсеге өскөн (9-сүрөт).

**9-сүрөт. Мамлекеттик баалуу кагаздар портфелинин көлөмүнүн динамикасы**




*Булак: Социалдык фонддун маалыматтарынын негизинде аудит тарабынан түзүлдү.*

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылган каражаттардан **1 065,6 млн сом** инвестициялык киреше алынган.

Социалдык фонд убактылуу бош акча каражаттарын сактоо, алардын наркын инфляциянын таасиринен коргоо жана кошумча инвестициялык киреше алуу максатында мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырат.

2025-жылдын 1-январына карата Пенсиялык фонддун жана Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен сатып алынган мамлекеттик баалуу кагаздардын калдыгы **3 663,5 млн сомду** түзгөн.

2025-жылдын ичинде аталган фонддордун убактылуу бош каражаттарынын эсебинен мамлекеттик баалуу кагаздарга кошумча **15 200,0 млн сом** жайгаштырылган. Сатып алынган мамлекеттик баалуу кагаздардын орточо номиналдык кирешелүүлүгү **13,3 пайызды** түзгөн.

Ошол эле мезгилде төлөө мөөнөтү аяктаган мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча негизги карыздын **21,1 млн сому** Социалдык фондго кайтарылган.

Мамлекеттик баалуу кагаздардан алынган кирешелер Социалдык фонддун **2 833,1 млн сом** өлчөмүндөгү башка кирешелеринин **37,6 пайызын** түзгөн.

Мында алынган инвестициялык киреше отчеттук жылы сатып алынган мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча гана эмес, жыл башына карата портфелде болгон мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча алынган пайыздык кирешелерди да камтыйт. Ошол эле учурда отчеттук жылы сатып алынган мамлекеттик баалуу кагаздардын бир бөлүгү боюнча кирешелер алардын төлөө мөөнөттөрүнө жараша кийинки бюджеттик мезгилдерде алынууга тийиш.

**Корутунду**

Пенсиялык фонддун жана Резервдик фонддун убактылуу бош акча каражаттарын мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштыруу 2025-жылы **1 065,6 млн сом** өлчөмүндө кошумча инвестициялык киреше алууга мүмкүндүк берген.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын орточо номиналдык кирешелүүлүгү **13,3 пайызды** түзүп, 2025-жылдагы инфляциянын **8,2 пайыздык** деңгээлинен жогору болгон.

Ошол эле учурда мамлекеттик баалуу кагаздар портфелинин көлөмүнүн **3 663,5 млн сомдон 18 842,4 млн сомго чейин** көбөйүшү инвестициялык портфелдин көлөмүн башкарууда төлөө мөөнөттөрүн, ликвиддүүлүктү жана Пенсиялык фонддун учурдагы жана болжолдуу төлөм милдеттенмелерине шайкештигин туруктуу мониторинг жүргүзүүнүн зарылдыгын көрсөтөт.

Мамлекеттик баалуу кагаздарга каражаттарды жайгаштыруу боюнча чечимдер каражаттардын сакталышын, ликвиддүүлүгүн жана кирешелүүлүгүн камсыз кылуу менен бирге пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү өз убагында каржылоого терс таасир тийгизбөөгө тийиш.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- мамлекеттик баалуу кагаздар портфелин алардын түрлөрү, сатып алуу жана төлөө мөөнөттөрү, кирешелүүлүгү жана каржылоо булактары боюнча үзгүлтүксүз талдап турсун;

- мамлекеттик баалуу кагаздарга каражаттарды жайгаштыруудан мурда Пенсиялык фонддун учурдагы жана болжолдуу төлөм милдеттенмелерин эске алуу менен ликвиддүүлүккө баа берүүнү камсыз кылсын.

**3.1.3.3. Коммерциялык банктардагы кыска мөөнөттүү депозиттерден алынган кирешелер**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 76-беренесинин 4-пунктуна ылайык Социалдык фонд кошумча киреше алуу максатында убактылуу бош акча каражаттарын коммерциялык банктардагы кыска мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырат.

2025-жылдын 1-январына карата коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү депозиттерине жайгаштырылган каражаттардын калдыгы **1 455,1 млн сомду** түзгөн.

2025-жылдын ичинде депозиттерге жайгаштырылган каражаттардын негизги суммасы толук көлөмдө Социалдык фондго кайтарылган. Депозиттик операциялардын натыйжасында **168,5 млн сом** өлчөмүндө пайыздык киреше алынган.

Алынган пайыздык кирешенин депозиттердин жыл башындагы калдыгына карата катышы **11,6 пайызды** түзгөн. Бирок депозиттердин так мөөнөттөрү, жыл ичиндеги кыймылы жана ар бир банк боюнча пайыздык чендер эске алынбагандыктан, бул көрсөткүч депозиттик портфелдин жылдык орточо кирешелүүлүгүн толук чагылдырбайт.

Коммерциялык банктардагы депозиттерден алынган **168,5 млн сом** пайыздык киреше Социалдык фонддун башка кирешелеринин **5,9 пайызын** түзгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздардан жана коммерциялык банктардагы депозиттерден алынган инвестициялык кирешелердин жалпы көлөмү 1 234,0 млн сомду түзгөн. Айрым көрсөткүчтөрдү тегеректөөгө байланыштуу жыйынтык сумма менен компоненттердин суммасынын ортосунда 0,1 млн сом айырма түзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө берилген документтердин негизинде коммерциялык банктардагы депозиттер боюнча өзүнчө аналитикалык эсеп жүргүзүлүп, депозиттерди жайгаштыруу жана кайтаруу мөөнөттөрү, алардын кирешелүүлүгү, ошондой эле эсептелген жана иш жүзүндө алынган пайыздык кирешелер жөнүндө маалыматтар деталдуу түрдө эсепке алынары аныкталды.

**Корутунду**

Социалдык фонд тарабынан убактылуу бош акча каражаттарын коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү депозиттерине жайгаштыруу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык жүргүзүлүп, 2025-жылы **168,5 млн сом** өлчөмүндө кошумча пайыздык киреше алынган.

Депозиттерге жайгаштырылган каражаттардын негизги суммасынын толук кайтарылышы отчеттук мезгилде депозиттик операциялар боюнча түздөн-түз финансылык жоготууларга жол берилбегенин көрсөтөт.

Ошол эле учурда депозиттик каражаттарды жайгаштырууда коммерциялык банктардын финансылык туруктуулугун, депозиттик портфелдин концентрациясын, пайыздык чендердин рыноктук шарттарга шайкештигин жана депозиттердин мөөнөттөрүнүн Пенсиялык фонддун төлөм милдеттенмелерине ылайыктуулугун туруктуу баалоо талап кылынат.

Убактылуу бош каражаттарды депозиттерге жайгаштыруу пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү өз убагында каржылоо артыкчылыгын камсыз кылуу менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- каражаттарды жайгаштырууда коммерциялык банктардын финансылык туруктуулугун, депозиттик портфелдин концентрациясын жана бир банкка карата белгиленген лимиттердин сакталышын үзгүлтүксүз баалап турсун;
- депозиттердин мөөнөттөрүн Пенсиялык фонддун учурдагы жана болжолдуу төлөм милдеттенмелерине ылайык аныктап, каражаттардын жетиштүү ликвиддүүлүгүн камсыз кылсын;
- депозиттер боюнча эсептелген жана иш жүзүндө алынган пайыздык кирешелердин толук жана өз убагында түшүшүнө туруктуу контролду камсыз кылсын.

### 3.2. Чыгаша бөлүгү

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Мыйзамына ылайык Социалдык фонддун 2025-жылга чыгашалары 120 470,1 млн сом өлчөмүндө бекитилген.

Кийинчерээк аталган Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык чыгашалардын көлөмү 127 708,9 млн сомго чейин көбөйтүлгөн. Натыйжада такталган бюджеттин чыгашалары алгач бекитилген көрсөткүчкө салыштырмалуу 7 238,8 млн сомго же 6,0 пайызга жогорулаган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун жалпы чыгашалары 127 060,8 млн сомду түзүп, такталган бюджет 648,1 млн сомго же 0,5 пайызга аз аткарылган. Чыгашалар боюнча бюджеттин аткарылышы 99,5 пайызды түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу Социалдык фонддун жалпы чыгашалары 18 997,4 млн сомго же 17,6 пайызга көбөйгөн.

Ошол эле учурда Социалдык фонддун чыгашаларынын ички дүң продукцияга карата үлүшү 2024-жылдагы 7,1 пайыздан 2025-жылы 6,4 пайызга чейин төмөндөгөн:

**12-таблица. Социалдык фонддун бюджетинин чыгашаларынын түзүмү жана аткарылышы**

**(млн сом)**

| Көрсөткүчтөр | 2024-жыл (аткарылышы) | 2025-жылга такталган бюджет | 2025-жыл (аткарылышы) | Өзгөрүү (+/-) | Өсүү темпи, % | Бюджеттен четтөө (+/-) | Аткарылышы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Чыгашалар | 108 063,4 | 127 708,9 | 127 060,8 | 18 997,4 | 117,6 | -648,1 | 99,5 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПга карата % | 7,1 | 7,2 | 6,4 | | | | |
| Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде: | 97 591,4 | 114 087,0 | 113 326,9 | 15 735,5 | 116,1 | -760,1 | 99,3 |
| ИДПга карата % | 6,4 | 6,4 | 5,7 | | | | |
| пенсия жана жөлөкпулдар | 95 416,7 | 110 934,6 | 110 251,7 | 14 835,0 | 115,5 | -682,9 | 99,4 |
| пенсия жана жөлөкпулдарды чектөө жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 663,0 | 743,8 | 728,2 | 65,2 | 109,8 | -15,6 | 97,9 |
| Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары | 17,4 | 21,1 | 20,4 | 3,0 | 117,2 | -0,7 | 96,7 |
| административдик чыгымдар | 1 118,2 | 1 318,7 | 1 258,0 | 139,8 | 112,5 | -60,7 | 95,4 |
| резервдик фонд | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 0,0 | 100,0 | 0,0 | 100,0 |
| өнүктүрүү фонду | 372,6 | 1 063,8 | 1 063,6 | 691,0 | 285,5 | -0,1 | 100,0 |
| мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 1,5 | 3,0 | 3,0 | 1,5 | 200,0 | 0,0 | 100,0 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча | 5 045,9 | 6 304,2 | 6 304,2 | 1 258,2 | 124,9 | 0,0 | 100,0 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча | 643,6 | 984,2 | 984,2 | 340,6 | 152,9 | 0,0 | 100,0 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча | 4 782,4 | 6 333,5 | 6 445,5 | 1 663,1 | 134,8 | +112,0 | 101,8 |

**Корутунду**

2025-жылы Социалдык фонддун такталган бюджети чыгашалар боюнча 99,5 пайызга аткарылган. Чыгашалардын негизги бөлүгү Пенсиялык фонд аркылуу каржыланып, анын үлүшү жалпы чыгашалардын 89,2 пайызын түзгөн. Ошол эле учурда айрым чыгаша багыттары боюнча планда каралган каражаттар толук көлөмдө өздөштүрүлгөн эмес, бул бюджеттик каражаттарды пландаштыруу жана пайдалануунун натыйжалуулугун андан ары талдоону талап кылат.

### 3.2.1. Пенсиялык фонд боюнча чыгашалар

Жүргүзүлгөн талдоо Социалдык фонддун чыгашаларынын негизги бөлүгү Пенсиялык фонд аркылуу каржыланганын көрсөттү. 2025-жылы Пенсиялык фонд боюнча чыгашалар 113 326,9 млн сомду түзүп, Социалдык фонддун жалпы чыгашаларынын 89,2 пайызын түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу Пенсиялык фонд боюнча чыгашалар 15 735,5 млн сомго же 16,1 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда такталган бюджет 760,1 млн сомго аз аткарылып, аткаруу деңгээли 99,3 пайызды түзгөн.

Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөгө 110 251,7 млн сом жумшалып, бул Социалдык фонддун жалпы чыгашаларынын 86,8 пайызын, ал эми Пенсиялык фонддун чыгашаларынын 97,3 пайызын түзгөн. Бул багыттагы

чыгымдар өткөн жылга салыштырмалуу 14 835,0 млн сомго же 15,5 пайызга көбөйгөн, ошол эле учурда такталган бюджет 682,9 млн сомго аз аткарылган.

Административдик чыгымдар 1 258,0 млн сомду түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 139,8 млн сомго же 12,5 пайызга көбөйгөн. Такталган бюджетке салыштырмалуу алардын аткарылышы 95,4 пайызды түзүп, 60,7 млн сом өздөштүрүлгөн эмес.

Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн чыгымдар 1 063,6 млн сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 691,1 млн сомго же 2,9 эсеге көбөйгөн. Бул Өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануунун багыттарын, алардын натыйжалуулугун жана жетишилген жыйынтыктарын өзүнчө талдоо зарылдыгын көрсөтөт.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 6 304,2 млн сом, ал эми Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 984,2 млн сом которулуп, бул багыттар боюнча такталган бюджет толук көлөмдө аткарылган.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен 6 445,5 млн сом бөлүштүрүлүп, такталган көрсөткүч 112,0 млн сомго же 1,8 пайызга ашык аткарылган. Бул камсыздандыруу төгүмдөрүнүн иш жүзүндөгү түшүүсү такталган бюджетте болжолдонгондон жогору болгондугу менен шартталган.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн 6 445,5 млн сом Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун өзүнүн иш жүзүндөгү чыгымдарын эмес, анын пайдасына бөлүштүрүлгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүн чагылдырат. Аталган фонддун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн пенсиялык төлөмдөр жана башка чыгымдар отчеттун тиешелүү бөлүгүндө өзүнчө каралат.

**Чыгымдардын ички дүң продукцияга карата үлүшү**

2025-жылы Социалдык фонддун чыгымдары ички дүң продукциянын **6,4 пайызын** түзүп, 2024-жылдагы **7,1 пайызга** салыштырмалуу **0,7 пайыздык пунктка** төмөндөгөн.

Ошол эле учурда Пенсиялык фонддун чыгымдарынын ички дүң продукцияга карата үлүшү **2024-жылдагы 6,4 пайыздан 2025-жылы 5,7 пайызга** чейин азайган.

Социалдык фонддун чыгымдары абсолюттук мааниде **17,6 пайызга** көбөйгөнүнө карабастан, алардын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн төмөндөшү өлкөнүн экономикасынын өсүү темпи Социалдык фонддун чыгымдарынын өсүү темпинен жогору болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Ошону менен бирге, чыгымдардын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн төмөндөшү пенсиялык системага болгон финансылык жүктүн азайганын автоматтык түрдө билдирбейт. Мындай көрсөткүчтү баалоодо пенсионерлердин саны, орточо пенсиянын өлчөмү, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү жана республикалык бюджеттен каржылоонун көлөмү менен комплекстүү байланышта кароо зарыл.

**Корутунду**

2025-жылы Социалдык фонддун чыгашалары негизинен мыйзамда жана такталган бюджетте каралган багыттар боюнча жүргүзүлүп, чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы **99,5 пайызды** түзгөн.

Чыгашалардын негизги бөлүгү пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү каржылоого багытталып, пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөгө жумшалган каражаттар Социалдык фонддун жалпы чыгашаларынын **86,8 пайызын** түзгөн.

Ошол эле учурда чыгашалардын такталган бюджетке салыштырмалуу **648,1 млн сомго** аз аткарылышын толугу менен бюджеттик каражаттарды үнөмдөө катары баалоого болбойт. Аудитке берилген маалыматтарда бул четтөөнүн канча бөлүгү иш жүзүндөгү үнөмдөөгө, төлөмдөрдүн мөөнөттөрүнүн жылышына, аткарылбай калган милдеттенмелерге же пландаштыруу өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу экендиги өзүнчө ачылып көрсөтүлгөн эмес.

Чыгашалардын аз аткарылышы негизинен Пенсиялык фонд боюнча **760,1 млн сомдук** четтөө, анын ичинде пенсиялар жана жөлөкпулдар боюнча **682,9 млн сом**, ошондой эле административдик чыгымдар боюнча **60,7 млн сом** менен шартталган.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго бөлүштүрүлгөн каражаттардын такталган көрсөткүчтөн **112,0 млн сомго** ашык болушу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн планда жогору түшүүсүнүн натыйжасы болуп саналат жана аны фонддун чыгымдарынын бюджеттен ашык жүргүзүлүшү катары кароого негиз бербейт.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- чыгашалардын такталган бюджетке салыштырмалуу аз аткарылышынын себептерин ар бир чыгаша багыты боюнча талдап, иш жүзүндөгү үнөмдөөнү, төлөмдөрдүн мөөнөттөрүнүн жылышын, аткарылбай калган милдеттенмелерди жана пландаштыруу боюнча четтөөлөрдү өзүнчө ачып көрсөтсүн;
- бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландаштырууда пенсионерлердин санынын, пенсиялардын өлчөмүнүн, төлөмдөрдү жеткирүүгө кеткен чыгымдардын жана административдик муктаждыктардын өзгөрүшүн толук эске алсын;
- чыгашалардын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн өзгөрүшүн пенсиялык системанын башка финансылык жана демографиялык көрсөткүчтөрү менен өз ара байланышта үзгүлтүксүз талдап турсун.

2025-жылга Пенсиялык фонддун чыгымдары алгач 110 152,5 млн сом өлчөмүндө бекитилген. Отчеттук жыл ичинде бюджеттик көрсөткүчтөр такталып, чыгымдардын көлөмү 3 934,5 млн сомго же 3,6 пайызга көбөйтүлүп, 114 087,0 млн сомду түзгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Пенсиялык фонддун иш жүзүндөгү чыгымдары 113 326,9 млн сомду түзүп, такталган бюджеттин аткарылышы 99,3 пайызды камсыз кылган.

Такталган бюджетке салыштырмалуу чыгымдар 760,1 млн сомго аз аткарылган. Четтөөлөрдүн негизги бөлүгү пенсияларды төлөө, аскер кызматчыларынын пенсияларын жана камсыздандыруу учурлары боюнча бир жолку жөлөкпулдарды төлөө боюнча чыгымдарга туура келген (13-таблица).

2024-жылга салыштырмалуу Пенсиялык фонддун чыгымдары 15 735,5 млн сомго же 16,1 пайызга көбөйгөн. Чыгымдардын өсүшү негизинен пенсионерлердин санынын көбөйүшү, пенсиялардын индексацияланышы, пенсиялардын айрым түрлөрүнүн минималдуу өлчөмдөрүнүн жогорулатылышы жана мамлекеттик социалдык кепилдиктердин кеңейтилиши менен шартталган.

**13-таблица. Пенсиялык фонд боюнча такталган бюджеттен четтөөлөр**

**(млн сом)**

| Чыгымдардын багыттары | Такталган бюджетке карата четтөө, млн сом |
|---|---|
| Пенсияларды төлөө боюнча | –327,0 |
| Аскер кызматчыларынын пенсияларын жана камсыздандыруу учурлары боюнча бир жолку жөлөкпулдарды төлөө боюнча | –353,1 |
| Административдик-башкаруу чыгымдары боюнча | –60,7 |
| Башка чыгымдар боюнча | –19,3 |
| **Бардыгы** | **–760,1** |

**Корутунду**

Таблицадан көрүнүп тургандай, такталган бюджеттен четтөөнүн негизги бөлүгү пенсияларды төлөө боюнча 327,0 млн сомду жана аскер кызматчыларынын пенсияларын жана камсыздандыруу учурлары боюнча бир жолку жөлөкпулдарды төлөө боюнча 353,1 млн сомду түзгөн. Жалпысынан бул багыттарга бардык четтөөнүн 89,5 пайызы туура келген.

Бул жагдай Пенсиялык фонд боюнча чыгымдардын толук аткарылбай калышы негизинен социалдык төлөмдөр боюнча чыгымдардын пландаштырылган көлөмү менен алардын иш жүзүндөгү керектөөсүнүн айырмасынан улам келип чыкканын көрсөтөт.

Ошол эле учурда административдик-башкаруу чыгымдары боюнча 60,7 млн сомдук жана башка чыгымдар боюнча 19,3 млн сомдук четтөөлөр бюджеттик каражаттарды пландаштыруунун тактыгын жогорулатуу жана чыгымдардын аткарылышын туруктуу талдап туруу зарылдыгын көрсөтөт.

**Пенсияларды индексациялоо жана социалдык кепилдиктер**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-августундагы №534 токтомуна ылайык 2025-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүгү индексацияланган.

Индексациялоодо:

- камсыздандыруу бөлүгү 50 000 сомго чейинки пенсиялар 10 пайызга, бирок 600 сомдон кем эмес өлчөмдө көбөйтүлгөн;
- камсыздандыруу бөлүгү 50 000 сомдон жогору болгон пенсиялар 5 000 сомдон ашпаган өлчөмдө көбөйтүлгөн.

Белгилей кетүүчү жагдай, көрсөтүлгөн **10 пайыздык индексация пенсиянын жалпы өлчөмүнө эмес, анын камсыздандыруу бөлүгүнө** карата колдонулган. Ушуга байланыштуу аны орточо пенсиянын жылдык өсүү көрсөткүчү менен түздөн-түз салыштырууга болбойт.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин талаптарын ишке ашыруунун алкагында 2025-жылдын 1-октябрынан тартып жаңы дайындалган пенсиялардын жалпы өлчөмү пенсиянын базалык бөлүгүнүн эсебинен өткөн жыл үчүн белгиленген пенсионердин **7 100 сом өлчөмүндөгү жашоо минимумунан төмөн болбоосу** камсыздалган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 16-январындагы №15 токтомуна ылайык 2025-жылдын 1-январынан тартып мөөнөттүү кызматтагы солдаттардын жана матростордун арасындагы аскер кызматчылары үчүн майыптыгы боюнча пенсиянын минималдуу өлчөмү **9 300 сом** болуп белгиленген.

Ошондой эле Чернобыль атомдук электр станциясындагы жана жарандык же аскердик багыттагы башка атомдук объекттердеги авариялардын кесепеттерин жоюуга катышкан адамдарга төлөнүүчү компенсациялардын өлчөмдөрү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык кайра каралган.

2025-жылдын 31-декабрына карата республика боюнча пенсионерлердин саны **816,6 миң адамды**, ал эми орточо айлык пенсиянын өлчөмү **11 232 сомду** түзгөн.

2024-жылга салыштырмалуу пенсионерлердин саны **18,8 миң адамга** же **2,3 пайызга**, ал эми орточо айлык пенсиянын өлчөмү **647 сомго** же **6,1 пайызга** көбөйгөн.

Пенсиялык фонддун негизги көрсөткүчтөрү отчеттун **1-тиркемесинде** келтирилген.

**Корутунду**

2025-жылы Пенсиялык фонддун каражаттары мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдеринде белгиленген пенсиялык жана башка социалдык милдеттенмелерди каржылоого багытталган.

Пенсияларды индексациялоо, айрым социалдык кепилдиктердин жогорулатылышы жана пенсионерлердин санынын өсүшү Пенсиялык фонддун чыгымдарынын көбөйүшүнө алып келген.

Ошол эле учурда орточо айлык пенсиянын өлчөмү **11 232 сомго** жеткенине карабастан, анын өсүү темпи 2025-жылдагы инфляциянын жана пенсионердин жашоо минимумунун өзгөрүшү менен комплекстүү бааланууга тийиш. Пенсиялык камсыздоонун жетиштүүлүгүн баалоодо пенсиянын номиналдык өсүшү менен катар анын реалдуу сатып алуу жөндөмү да эске алынууга тийиш.

Пенсионерлердин санынын өсүшү жана пенсиялык төлөмдөрдүн көлөмүнүн көбөйүшү пенсиялык системанын киреше базасын кеңейтүү жана анын орто жана узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чараларды мындан ары да улантуунун актуалдуулугун көрсөтөт.

### 3.2.1.1. Пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар

2025-жылы пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар 727,9 млн сомду, ал эми Социалдык фонддун эсептерин тейлөө боюнча чыгымдар 20,4 млн сомду түзгөн.

Пенсияларды жеткирүү банктар жана «Кыргызпочтасы» аркылуу жүзөгө ашырылган. Жалпысынан 816,6 миң пенсионерге 105 291,0 млн сом өлчөмүндө пенсиялар которулган.

**14-таблица. Пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү боюнча чыгымдардын түзүмү**

**(млн сом)**

| Ким аркылуу тейленет | Тейленген пенсионерлердин саны, адам | % | Которулган пенсиянын суммасы, млн сом | % | Тейлөө кызматы үчүн төлөм, млн сом | % | Тейлөө үчүн 1 адамга чыгым, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| Банктар | 679 792 | 83 | 83 807,7 | 80 | 298,3 | 40,9 | 438,8 |
| «Кыргызпочтасы» | 136 842 | 17 | 21 483,3 | 20 | 429,6 | 59,1 | 3 139,3 |
| Жалпы | 816 626 | 100 | 105 291,0 | 100 | 727,9 | 100 | |

**Корутунду**

2025-жылы пенсионерлердин **83 пайызы** банктар аркылуу тейленгенине карабастан, пенсияларды жеткирүү боюнча жалпы чыгымдардын **40,9 пайызы** гана ушул каналга туура келген. Ошол эле учурда пенсионерлердин **17 пайызы** «Кыргызпочтасы» аркылуу тейленип, жеткирүү чыгымдарынын **59,1 пайызын** түзгөн.

Бир пенсионерди тейлөөнүн орточо наркы банктар аркылуу **438,8 сомду**, ал эми «Кыргызпочтасы» аркылуу **3 139,3 сомду** түзгөн. Натыйжада почта аркылуу тейлөөнүн бир алуучуга кеткен чыгымы банктык тейлөөгө салыштырмалуу болжол менен **7,2 эсеге жогору** болгон.

Бул жагдай пенсияларды жеткирүү каналдары боюнча чыгымдардын натыйжалуулугун туруктуу талдап, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууну кеңейтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, ошол эле учурда алыскы жана жетүүгө кыйын аймактарда жашаган пенсионерлер үчүн почта аркылуу жеткирүүнүн социалдык маанисин эске алуу зарылдыгын көрсөтөт.

10-сүрөт. Пенсияларды жеткирүү каналдары боюнча пенсионерлердин жана жеткирүү чыгымдарынын үлүшү, %




*Булак: Социалдык фонддун маалыматтарынын негизинде Эсеп палатасы тарабынан түзүлдү.*

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча **816 626** пенсионердин ичинен **679 792 адам** же **83 пайызы** пенсияларын коммерциялык банктар аркылуу, ал эми **136 842 адам** же **17 пайызы** «Кыргыз почтасы» ААК аркылуу алышкан.

Коммерциялык банктар аркылуу **83 807,7 млн сом** же жалпы төлөмдөрдүн **80 пайызы** которулуп, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн **298,3 млн сом** төлөнгөн. Бул пенсияларды жеткирүү жана которуу боюнча жалпы чыгымдардын **40,9 пайызын** түзгөн.

«Кыргыз почтасы» ААК аркылуу 21 483,3 млн сом же жалпы төлөмдөрдүн 20 пайызы жеткирилип, кызмат көрсөтүүлөр үчүн 429,6 млн сом төлөнгөн. Натыйжада аталган канал пенсионерлердин 17 пайызын тейлегенине карабастан, пенсияларды жеткирүү боюнча жалпы чыгымдардын 59,1 пайызы ага туура келген (10-сүрөт).

Диаграммадан көрүнүп тургандай, пенсионерлердин негизги бөлүгү коммерциялык банктар аркылуу тейленгенине карабастан, жеткирүү чыгымдарынын негизги үлүшү «Кыргыз почтасы» ААКка туура келген. Бул жеткирүү каналдары боюнча чыгымдардын түзүмүндө олуттуу айырмачылык бар экендигин көрсөтөт.

Бир пенсионерге пенсияны жеткирүүнүн орточо жылдык наркы коммерциялык банктар аркылуу **438,8 сомду**, ал эми «Кыргыз почтасы» ААК аркылуу **3 139,3 сомду** түзгөн. Башкача айтканда, почта аркылуу бир пенсионерди тейлөөнүн орточо наркы банктык тейлөөгө салыштырмалуу **7,2 эсеге жогору** болгон.

Ошону менен бирге, жеткирүү каналдарынын функциялары бирдей эмес экендигин эске алуу зарыл. Коммерциялык банктар негизинен пенсияларды алуучулардын банктык эсептерине накталай эмес которууну жүзөгө ашырса,

«Кыргыз почтасы» ААК банктык инфраструктурасы жетишсиз жана алыскы калктуу конуштарда жашаган пенсионерлерге пенсияларды накталай жеткирүүнү камсыз кылат. Ушуга байланыштуу кызмат көрсөтүүнүн наркындагы айырмачылык жеткирүү шарттарын, аймактык жеткиликтүүлүктү жана почта тарифтеринин түзүмүн эске алуу менен комплекстүү бааланууга тийиш.

**Корутунду**

Пенсияларды жеткирүү боюнча жүргүзүлгөн талдоо жеткирүү каналдарынын түзүмү жана кызмат көрсөтүүнүн наркы боюнча олуттуу айырмачылыктар бар экендигин көрсөттү. Ошол эле учурда бул айырмачылыктарды баалоодо жеткирүү шарттары, аймактык жеткиликтүүлүк жана социалдык мааниси эске алынууга тийиш. Социалдык фонд пенсияларды жеткирүү чыгымдарынын натыйжалуулугун туруктуу талдап, жеткирүү каналдарын пайдалануунун экономикалык негиздүүлүгүн мезгил-мезгили менен баалап туруусу максатка ылайыктуу.

**Почталык тейлөөнүн наркынын өзгөрүшү**

«Кыргыз почтасы» ААК аркылуу тейленген пенсионерлердин саны 2022-жылдагы **194 345 адамдан** 2025-жылы **136 842 адамга** чейин азайып, кыскаруу **57 503 адамды** же **29,6 пайызды** түзгөн.

Ошол эле учурда почта кызматтары үчүн төлөмдөр 2022-жылдагы **223,3 млн сомдон** 2025-жылы **429,6 млн сомго** чейин көбөйүп, өсүш **206,3 млн сомду** же **92,4 пайызды** түзгөн.

2025-жылы «Кыргыз почтасы» ААК аркылуу жеткирилген пенсиялардын жана башка социалдык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **21 483,3 млн сомду** түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №602 токтому менен «Кыргыз почтасы» ААКтын пенсияларды жана жөлөкпулдарды жеткирүү жана төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдардын ченеми жеткирилген сумманын **1,1 пайызынан 2,0 пайызына** чейин жогорулатылган.

Колдонуудагы 2 пайыздык чен боюнча почталык кызматтар үчүн төлөм **429,6 млн сомду** түзгөн. Эгерде 2025-жылы мурдагы 1,1 пайыздык чен колдонулганда, төлөмдүн эсептик көлөмү **236,3 млн сомду** түзмөк. Демек, тарифтик чендин жогорулатылышынын эсептик финансылык таасири **193,3 млн сомду** түзгөн.

Көрсөтүлгөн сумма колдонуудагы ченемдерге ылайык төлөнгөндүктөн, мыйзам бузуу же бюджетке келтирилген зыян катары бааланбайт. Ошол эле учурда ал почталык тарифтин жогорулатылышынын Пенсиялык фонддун чыгымдарына тийгизген таасирин көрсөтөт жана тарифтин экономикалык негиздүүлүгүн мезгил-мезгили менен баалоо зарылдыгын шарттайт.

Аудитке почталык тейлөөнүн 2 пайыздык ченине киргизилген чыгымдардын түзүмү, анын ичинде накталай акчаны алуу, ташуу, сактоо, кайтаруу, алыскы калктуу конуштарга жеткирүү жана башка операциялык чыгымдар боюнча толук эсептик негиздеме берилген эмес. Натыйжада

колдонулган тарифтин иш жүзүндөгү чыгымдарга шайкештигине толук баа берүү мүмкүнчүлүгү чектелген.

**Накталай эмес төлөмдөргө өтүү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №444-р тескемеси менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2024–2028-жылдарга санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын 4.3-пунктунда 2025-жылдын 20-декабрына чейин социалдык төлөмдөрдү накталай эмес формада алуу системасын камсыз кылуу каралган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсионерлердин **83 пайызы** пенсияларын коммерциялык банктар аркылуу накталай эмес формада, ал эми **17 пайызы** «Кыргыз почтасы» ААК аркылуу накталай формада алышкан.

Почта аркылуу тейленген пенсионерлердин санынын 2022–2025-жылдары **29,6 пайызга** кыскарышы накталай эмес төлөмдөргө өтүү боюнча оң динамиканы көрсөтөт.

Ошол эле учурда иш-чаралар планынын 4.3-пунктунда накталай төлөмдөрдөн толугу менен баш тартуу же бардык пенсионерлерди милдеттүү түрдө банктык тейлөөгө өткөрүү талабы түздөн-түз белгиленген эмес. Ушуга байланыштуу пенсионерлердин 17 пайызынын пенсияларын почта аркылуу алышы өзүнчө аталган пункттун аткарылбаганын билдирбейт.

Иш-чаранын аткарылышын баалоодо жарандар үчүн накталай эмес төлөмдөрдү алуу мүмкүнчүлүгүнүн түзүлгөндүгү, банктык эсептердин жеткиликтүүлүгү, пенсионерлердин тандоо укугу жана алыскы калктуу конуштардагы финансылык инфраструктуранын абалы эске алынууга тийиш.

**Корутунду**

2025-жылы пенсионерлердин **83 пайызы** пенсияларын коммерциялык банктар аркылуу алып, накталай эмес төлөмдөргө өтүү боюнча оң динамика сакталган.

Ошол эле учурда пенсионерлердин **17 пайызын** тейлеген «Кыргыз почтасы» ААКка пенсияларды жеткирүү боюнча жалпы чыгымдардын **59,1 пайызы** туура келген. Почта аркылуу бир пенсионерди тейлөөнүн орточо жылдык наркы коммерциялык банктар аркылуу тейлөөгө салыштырмалуу **7,2 эсеге жогору** болгон.

Кызмат көрсөтүүнүн наркындагы мындай айырмачылык почта аркылуу накталай жеткирүүнүн өзгөчөлүктөрү, алыскы калктуу конуштарды тейлөө жана аймактык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу менен шартталышы мүмкүн. Бирок почталык тарифтин чыгымдык түзүмү жана 2 пайыздык чендин экономикалык негиздүүлүгү боюнча толук эсептөөлөрдүн берилбеши анын негиздүүлүгүнө толук баа берүүнү чектеген.

Почта аркылуу тейленген пенсионерлердин саны азайганына карабастан, почталык кызматтар үчүн төлөмдөрдүн көбөйүшү негизинен тейлөө ченинин 1,1 пайыздан 2,0 пайызга жогорулатылышы жана жеткирилген төлөмдөрдүн көлөмү менен байланыштуу болгон.

Ушуга байланыштуу социалдык жеткиликтүүлүктү жана пенсионерлердин тандоо укугун сактоо менен катар почталык тейлөөнүн тарифин экономикалык жактан негиздөө, кызмат көрсөтүүнүн наркын оптималдаштыруу жана накталай эмес төлөмдөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү талап кылынат.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №602 токтому менен белгиленген почталык тейлөөнүн 2 пайыздык чыгым ченеминин экономикалык негиздүүлүгүн, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн иш жүзүндөгү өздүк наркын, тейлөө аймагын, жеткирүү шарттарын жана почта аркылуу тейленген пенсионерлердин санынын өзгөрүшүн эске алуу менен кайра карап чыгуу маселесин карасын;
- почталык тейлөөнүн ченемин белгилөөдө алыскы жана жетүүгө кыйын калктуу конуштарга пенсияларды жеткирүүнүн социалдык маанисин жана мындай кызматтардын жарандар үчүн жеткиликтүүлүгүн эске алсын.

**Социалдык фондго:**

- коммерциялык банктар жана «Кыргыз почтасы» ААК аркылуу пенсияларды жеткирүүгө кеткен чыгымдарды алуучулардын саны, төлөмдөрдүн көлөмү, аймактар жана кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү боюнча туруктуу талдап турсун;
- «Кыргыз почтасы» ААКтан почталык тейлөө тарифинин курамына киргизилген чыгымдардын толук эсептик негиздемесин алып, көрсөтүлгөн кызматтардын иш жүзүндөгү көлөмүнө, наркына жана сапатына мониторинг жүргүзсүн;
- пенсионерлердин тандоо укугун жана алыскы аймактардагы төлөмдөрдүн жеткиликтүүлүгүн сактоо менен, пенсияларды накталай эмес формада алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин күчөтсүн;
- банктык инфраструктура жеткиликтүү болгон аймактарда пенсионерлердин пенсияларды накталай эмес формада алууга ыктыярдуу өтүүсүн кеңейтүү боюнча чараларды көрсүн;
- санариптик трансформациялоо боюнча иш-чаралар планынын 4.3-пунктунун аткарылышын баалоо үчүн накталай эмес төлөмдөрдүн жеткиликтүүлүгүн, аларды пайдаланган алуучулардын үлүшүн жана аймактар боюнча камтууну мүнөздөгөн өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү аныктасын.

### 3.2.1.2. Социалдык фонддун Резервдик фонду

Социалдык фонддун Резервдик фонду пенсияларды, сөөк коюуга жөлөкпулдарды жана башка социалдык төлөмдөрдү өз убагында каржылоону камсыз кылууга, ошондой эле Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун сактоого багытталган.

2025-жылдын 1-январына карата Резервдик фонддун эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы **590,4 млн сомду** түзгөн.

2025-жылы Резервдик фонддун инвестициялык кирешелери **1 223,9 млн сомду** түзгөн, анын ичинде:

- коммерциялык банктардагы мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык кирешелер - 168,5 млн сом;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелерди эсепке албаганда, мамлекеттик баалуу кагаздардан алынган кирешелер - 1 055,4 млн сом.

Резервдик фонддун инвестициялык кирешелеринин **86,2 пайызы** мамлекеттик баалуу кагаздардан, ал эми **13,8 пайызы** коммерциялык банктардагы мөөнөттүү депозиттерден алынган.

2025-жылы Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен **2,0 млн сом** кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө жумшалган.

Мындан тышкары, Социалдык фонддун Башкармасынын 2025-жылдын 6-августундагы №53 токтомуна ылайык Резервдик фонддун **1 100,0 млн сом** өлчөмүндөгү убактылуу бош акча каражаттары мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылган.

Мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алууга багытталган **1 100,0 млн сом** Резервдик фонддун кайтарымсыз чыгымы болуп саналбайт. Аталган операциянын натыйжасында акча каражаттары мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү инвестициялык активге айланган.

2025-жылдын 31-декабрына карата Резервдик фонддун эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы **712,3 млн сомду** түзүп, жыл башына салыштырмалуу **121,9 млн сомго** же **20,6 пайызга** көбөйгөн.

**Кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө пайдаланылган каражаттар**

2025-жылы Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен **2,0 млн сом** өлчөмүндө кайрымдуулук жардам көрсөтүлгөн.

Резервдик фонд пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү үзгүлтүксүз каржылоо жана Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында түзүлгөндүгүн эске алуу менен, анын каражаттарын кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө пайдалануунун укуктук негиздери жана фонддун максаттарына шайкештиги өзүнчө баалоону талап кылат.

**Корутунду**

2025-жылы Резервдик фонддун инвестициялык кирешелери **1 223,9 млн сомду** түзүп, анын негизги бөлүгү (**86,2 пайызы**) мамлекеттик баалуу кагаздардан алынган.

Отчеттук жылы Резервдик фонддун **1 100,0 млн сом** өлчөмүндөгү убактылуу бош акча каражаттары мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылган. Бул операция Резервдик фонддун чыгымы болуп саналбастан, акча каражаттарынын инвестициялык активге айланышын билдирет.

Мындан тышкары, Резервдик фонддун каражаттарын кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө пайдалануунун укуктук негиздери жана фонддун максаттарына шайкештиги толук ырасталууга тийиш.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Резервдик фонддун каражаттарын кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө пайдалануунун укуктук негиздерин жана фонддун максаттарына шайкештигин камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

### 3.2.1.3. Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 37-беренесинин 3-пунктуна ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук көлөмдө төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар Социалдык фонддун бюджетинин кирешелерине кирет.

Аталган каражаттардын эсебинен Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду түзүлөт. Өнүктүрүү фондунун каражаттары Социалдык фонддун материалдык-техникалык базасын чыңдоого, маалыматтык системаларды өнүктүрүүгө, санариптик технологияларды киргизүүгө жана мыйзамдарда белгиленген башка иш-чараларды каржылоого багытталат.

2025-жылы Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын пайдаланылышы 15-таблицада көрсөтүлгөн.

**15-таблица. Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануу жөнүндө маалымат**

(млн. сом)

| Берене | Аталышы | 2025-жылга бюджет | Кассалык чыгымдар | Анык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| 2111 | Эмгек акысы | 628,2 | 628,1 | 630,3 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөрү | 82,5 | 82,5 | 89,8 |
| 2828 | Өнүктүрүү фондунун ар кандай чыгымдары | 353,1 | 353,0 | 1,6 |
| | **Бардыгы:** | **1063,8** | **1063,6** | **721,7** |

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Өнүктүрүү фондунун такталган бюджети 1 063,8 млн сомду түзүп, кассалык чыгымдар 1 063,6 млн сом өлчөмүндө жүргүзүлгөн. Бюджет кассалык негизде 99,98 пайызга аткарылып, 0,2 млн сом өздөштүрүлгөн эмес.

Кассалык чыгымдардын түзүмүндө эмгек акыга 628,1 млн сом же жалпы чыгымдардын 59,1 пайызы, Социалдык фондго төгүмдөрүнө 82,5 млн сом же 7,8 пайызы, ал эми «Өнүктүрүү фондунун ар кандай чыгымдары» беренеси боюнча 353,0 млн сом же 33,2 пайызы туура келген.

Ошол эле учурда анык чыгымдар 721,7 млн сомду түзүп, кассалык чыгымдардан 342,2 млн сомго аз болгон.

Айырманын негизги бөлүгү «Өнүктүрүү фондунун ар кандай чыгымдары» беренеси боюнча түзүлгөн. Аталган берене боюнча 353,0 млн сом өлчөмүндө кассалык чыгым жүргүзүлгөнү менен, бухгалтердик эсепте 1,6 млн сом гана анык чыгым катары таанылган. Натыйжада 351,4 млн сом өлчөмүндөгү айырма түзүлгөн.

Кассалык жана анык чыгымдардын ортосундагы айырманын курамы жана түзүлүү себептери аудитке сунушталган бухгалтердик эсептин маалыматтары жана тиешелүү баштапкы документтер менен жетиштүү деңгээлде ырасталган эмес.

**Корутунду**

Өнүктүрүү фондунун кассалык чыгымдары 1 063,6 млн сомду, ал эми анык чыгымдары 721,7 млн сомду түзүп, алардын ортосунда 342,2 млн сом айырма келип чыккан. Аталган айырма өз алдынча финансылык бузуу болуп саналбайт, бирок анын курамы жана түзүлүү себептери бухгалтердик эсептин маалыматтары жана тиешелүү баштапкы документтер менен толук ырасталууга тийиш.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Өнүктүрүү фондунун кассалык жана анык чыгымдарынын ортосундагы 342,2 млн сом айырманын курамын жана түзүлүү себептерин бухгалтердик эсептин маалыматтары жана тиешелүү баштапкы документтер менен тактап, анын бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта туура чагылдырылышын камсыз кылсын.

### 3.2.2. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна которулуучу каражаттар

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн мыйзамдарда белгиленген бөлүгү Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого багытталат. Социалдык фонд тиешелүү каражаттарды белгиленген ченемдер боюнча бөлүштүрүүгө, эсепке алууга жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна өз убагында которууга жоопту.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна которулуучу каражаттар 5 418,6 млн сом өлчөмүндө бекитилген.

Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык фондду каржылоонун жалпы көлөмү 6 304,2 млн сомго чейин такталып, 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча толук көлөмдө которулган. Натыйжада такталган бюджеттик көрсөткүч 100,0 пайызга аткарылган.

2024-жылы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 5 045,9 млн сом которулган. Ага салыштырмалуу 2025-жылы которулган каражаттардын көлөмү 1 258,3 млн сомго же 24,9 пайызга көбөйгөн.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча 2025-жылга такталган бюджеттин киреше бөлүгүндө 6 230,1 млн сом камсыздандыруу төгүмдөрү каралган. Мыйзамдарда белгиленген 3 пайыздык чегерүүдөн кийин фондго бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон пландык сумма 6 043,2 млн сомду түзгөн.

Отчеттук жылы иш жүзүндө 6 261,2 млн сом камсыздандыруу төгүмдөрү түшүп, 3 пайыздык чегерүүдөн кийин Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон каражаттардын көлөмү 6 073,3 млн сомду түзгөн.

2025-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун алдындагы карызы 261,1 млн сомду түзгөн. Отчеттук жылы фондго жалпысынан 6 304,2 млн сом, анын ичинде 2024-жыл үчүн түзүлгөн карызды жөнгө салууга каралган каражаттар которулган.

Ошону менен бирге, иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүн бөлүштүрүүнүн жыйынтыгы жана фонддор ортосундагы эсептешүүлөр боюнча отчеттук маалыматтарга ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына карата Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун алдындагы карыз 30,2 млн сомду түзгөн. Натыйжада жыл башындагы карыз 230,9 млн сомго же 88,4 пайызга кыскарган.

Отчетто колдонулган 6 230,1 млн сом, 6 043,2 млн сом, 6 261,2 млн сом, 6 073,3 млн сом жана 6 304,2 млн сом көрсөткүчтөрү ар башка экономикалык мазмунду чагылдырат. 6 230,1 млн сом - такталган бюджетте каралган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү; 6 043,2 млн сом - 3 пайыздык чегерүүдөн кийинки пландык бөлүштүрүү суммасы; 6 261,2 млн сом - отчеттук жылы иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү; 6 073,3 млн сом - 3 пайыздык чегерүүдөн кийин фондго иш жүзүндө бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон сумма; 6 304,2 млн сом - 2024-жыл үчүн түзүлгөн карызды жөнгө салууга каралган каражаттарды кошкондо, отчеттук жылы фондго которулган жалпы сумма.

Демек, аталган көрсөткүчтөрдүн айырмачылыгы алардын экономикалык мазмуну менен түшүндүрүлөт жана отчеттук маалыматтардын өз ара шайкешсиздиги болуп саналбайт.

**Корутунду**

2025-жылы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо боюнча такталган бюджеттик көрсөткүч толук аткарылып, фондго 6 304,2 млн сом которулган. Жыл башындагы 261,1 млн сом карыздын негизги бөлүгү жөнгө салынып, отчеттук жылдын аягына карата карыздын калдыгы 30,2 млн сомду түзгөн.

Отчетто колдонулган 6 230,1 млн сом, 6 043,2 млн сом, 6 261,2 млн сом, 6 073,3 млн сом жана 6 304,2 млн сом көрсөткүчтөрүнүн айырмасы алардын экономикалык мазмунуна байланыштуу жана өз ара шайкешсиздик болуп саналбайт.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун алдындагы 30,2 млн сом карызды жөнгө салуу боюнча чараларды көрсүн.

**3.2.3. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна которулуучу каражаттар**

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн мыйзамдарда белгиленген бөлүгү Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоого багытталат. Социалдык фонд тиешелүү каражаттарды белгиленген ченемдер боюнча бөлүштүрүүгө, эсепке алууга жана фондго өз убагында которууга жооптуу.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна которулуучу каражаттар 670,6 млн сом өлчөмүндө бекитилген.

Жыл ичинде мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык фондго бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон каражаттардын көлөмү 942,4 млн сомго чейин такталган. Өткөн жылдардагы карыздарды жөнгө салууга каралган каражаттарды эске алуу менен фондду каржылоонун жалпы көлөмү 984,2 млн сомду түзүп, такталган бюджеттик көрсөткүч отчеттук маалыматтар боюнча толук аткарылган.

2024-жылы фондго 643,6 млн сом которулган. Ага салыштырмалуу 2025-жылы которулган каражаттардын көлөмү 340,6 млн сомго же 52,9 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-сентябрындагы №576 «Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө» токтомуна ылайык Социалдык фонд тарабынан фондго тиешелүү камсыздандыруу төгүмдөрүн бөлүштүрүү жана которуу жүргүзүлгөн.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча 2025-жылга такталган бюджеттин киреше бөлүгүндө 971,5 млн сом камсыздандыруу төгүмдөрү каралган. Мыйзамдарда белгиленген 3 пайыздык чегерүүдөн кийин фондго бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон пландык сумма 942,4 млн сомду түзгөн.

Отчеттук жылы иш жүзүндө 975,8 млн сом камсыздандыруу төгүмдөрү түшүп, 3 пайыздык чегерүүдөн кийин фондго бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон каражаттардын көлөмү 946,5 млн сомду түзгөн.

2025-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун алдындагы карызы 41,8 млн сомду түзгөн. Отчеттук жылы фондго жалпысынан 984,2 млн сом, анын ичинде 2024-жыл үчүн түзүлгөн карызды жөнгө салууга каралган каражаттар которулган.

Ошону менен бирге, иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүн бөлүштүрүүнүн жыйынтыгы жана фонддор ортосундагы эсептешүүлөр боюнча отчеттук маалыматтарга ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына карата Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун алдындагы карыз 4,6 млн сомду түзгөн. Натыйжада жыл башындагы карыз 37,2 млн сомго же 89,0 пайызга кыскарган.

Отчетто колдонулган 971,5 млн сом, 942,4 млн сом, 975,8 млн сом жана 984,2 млн сом көрсөткүчтөрү ар башка экономикалык мазмунду чагылдырат. 971,5 млн сом - такталган бюджетте каралган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн

жалпы көлөмү; 942,4 млн сом - 3 пайыздык чегерүүдөн кийинки пландык бөлүштүрүү суммасы; 975,8 млн сом - отчеттук жылы иш жүзүндө түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү; 984,2 млн сом - 2024-жыл үчүн түзүлгөн карызды жөнгө салууга каралган каражаттарды кошкондо, отчеттук жылы фондго которулган жалпы сумма.

Демек, аталган көрсөткүчтөрдүн айырмачылыгы алардын экономикалык мазмуну менен түшүндүрүлөт жана отчеттук маалыматтардын өз ара шайкешсиздиги болуп саналбайт.

**Корутунду**

2025-жылы Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо боюнча такталган бюджеттик көрсөткүч толук аткарылып, фондго 984,2 млн сом которулган. Жыл башындагы 41,8 млн сом карыздын негизги бөлүгү жөнгө салынып, отчеттук жылдын аягына карата карыздын калдыгы 4,6 млн сомду түзгөн.

Отчетто колдонулган 971,5 млн сом, 942,4 млн сом, 975,8 млн сом жана 984,2 млн сом көрсөткүчтөрүнүн айырмасы алардын экономикалык мазмунуна байланыштуу жана өз ара шайкешсиздик болуп саналбайт.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду алдындагы 4,6 млн сом карызды жөнгө салуу боюнча чараларды көрсүн.

**3.2.4. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду**

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду милдеттүү топтомо пенсиялык камсыздандыруу тутумунун алкагында камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтоолорун топтоо, сактоо жана инвестициялоо үчүн түзүлгөн.

2025-жылдын 1-январына карата Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарынын көлөмү **51 083,1 млн сомду** түзгөн. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча фонддун каражаттары **62 810,3 млн сомго** жетип, жыл ичинде **11 727,2 млн сомго** же **23,0 пайызга** көбөйгөн.

Фонддун активдеринин өсүшү негизинен камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн көбөйүшү жана инвестициялык ишмердүүлүктөн алынган кирешелер менен шартталган.




**11-сүрөт. МТПФнын активдеринин өсүшү**
*Булак: аудитке сунушталган маалыматтардын негизинде түзүлдү*

Фонддун каражаттарынын өсүшү отчеттук жыл ичинде алынган кирешелердин чыгымдардан ашып түшүшү менен камсыздалган. 2025-жылы фонддун жалпы кирешелери 13 183,9 млн сомду, ал эми жалпы чыгымдары 1 456,7 млн сомду түзүп, натыйжада фонддун каражаттары 11 727,2 млн сомго көбөйгөн.

2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелери 13 023,4 млн сом өлчөмүндө пландаштырылып, иш жүзүндө 13 183,9 млн сомду түзгөн. Натыйжада кирешелер боюнча план 101,2 пайызга аткарылып, планда каралгандан 160,5 млн сомго көп киреше алынган. 2024-жылга салыштырмалуу фонддун кирешелери 2 846,6 млн сомго же 27,5 пайызга көбөйгөн.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелеринин түзүмү төмөнкү таблицада келтирилген.

**16-таблица. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелеринин түзүмү**

| | 2024-жылга аткары-лышы | 2025-жылга бюджет | 2025-жылга аткары-лышы | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **10 337,3** | **13 023,4** | **13 183,9** | ***2 846,6*** | ***127,5*** | ***160,5*** | ***101,2*** |
| а)Камсыздандыруу төгүмдөрү | 4 782,4 | 6 333,5 | 6 445,5 | 1 663,1 | 134,8 | 112,0 | 101,8 |
| б) МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн каражаттар, анын ичинен: | 5 546,6 | 6 687,8 | 6 733,8 | 1 187,2 | 121,4 | 46,0 | 100,7 |
| МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 19,7 | 22,0 | 37,1 | 17,4 | 188,3 | 15,1 | 168,6 |

| | 2024-жылга аткары-лышы | 2025-жылга бюджет | 2025-жылга аткары-лышы | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| мамлекеттик баалуу кагаздардан | 4587,3 | 5 755,8 | 5 755,8 | 1 168,5 | 125,5 | 0,0 | 100,0 |
| депозиттерден | 939,6 | 910,0 | 940,9 | 1,3 | 100,1 | 30,9 | 103,4 |
| в) Башка кирешелер | 3,3 | 0,05 | 1,9 | -1,4 | 57,6 | 1,85 | 3800,0 |
| Топтомо пенсиялык фонддордон (НПФ) түшкөн суммалар | 5,0 | 2,0 | 2,7 | -2,3 | 54,0 | 0,7 | 135,0 |

Кирешелердин түзүмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү **6 445,5 млн сомду** же жалпы кирешелердин **48,9 пайызын**, ал эми инвестициялык кирешелер **6 733,8 млн сомду** же **51,1 пайызын** түзгөн.

Инвестициялык кирешелердин негизги бөлүгү **5 755,8 млн сом** же **85,5 пайызы** мамлекеттик баалуу кагаздардан түшкөн. Коммерциялык банктардагы депозиттерден **940,9 млн сом** же **14,0 пайыз**, ал эми эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздардан **37,1 млн сом** же **0,5 пайыз** алынган.

2024-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнөн түшкөн кирешелер **1 663,1 млн сомго** же **34,8 пайызга**, инвестициялык кирешелер **1 187,2 млн сомго** же **21,4 пайызга** көбөйгөн.

2025-жылга Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдары **1 876,4 млн сом** өлчөмүндө пландаштырылып, иш жүзүндө **1 456,7 млн сомду** түзгөн. Натыйжада чыгымдар боюнча план **77,6 пайызга** аткарылып, планда каралган көрсөткүчтөн **419,7 млн сомго** аз болгон.

**17-таблица. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдарынын түзүмү**

**(млн. сом)**

| | 2024-жылга аткары-лышы | 2025-жылга бюджет | 2025-жылга аткары-лышы | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **1 441,8** | **1 876,4** | **1 456,7** | **14,9** | **101,0** | **-419,7** | **77,6** |
| Пенсиялык топтоолорду төлөө | 1 370,6 | 1 800,0 | 1 414,5 | 43,9 | 103,2 | -385,5 | 78,6 |
| ТПФ каражаттарды которуу | 31,3 | 50,0 | 25,3 | -6,0 | 80,8 | -24,7 | 50,6 |
| Административдик- башкаруу чыгымдары | 36,2 | 19,4 | 12,1 | -24,1 | 33,4 | -7,3 | 62,4 |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 3,6 | 6,0 | 4,4 | 0,8 | 122,2 | -1,6 | 73,3 |
| Башка классификацияланбаган чыгымдар | 0,05 | 1,0 | 0,4 | 0,35 | 800,0 | -0,6 | 40,0 |

Фонддун чыгымдарынын негизги бөлүгү пенсиялык топтоолорду төлөөгө багытталып, бул максатка **1 414,5 млн сом** жумшалган же жалпы чыгымдардын **97,1 пайызын** түзгөн.

Пенсиялык топтоолорду төлөө боюнча чыгымдар планда каралгандан **385,5 млн сомго**, ал эми башка топтомо пенсиялык фонддорго каражаттарды которуу боюнча чыгымдар **24,7 млн сомго** аз аткарылган. Жалпы пландын аткарылбай калган көлөмүнүн **97,7 пайызы** ушул эки багытка туура келген.

**Аудит менен аныкталды**

2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелери планда каралгандан **160,5 млн сомго** көп түшүп, фонддун каражаттары жыл ичинде **23,0 пайызга** өскөн. Фонддун каражаттарынын өсүшү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жана инвестициялык кирешелердин көбөйүшү менен шартталган.

Ошол эле учурда инвестициялык кирешелердин **85,5 пайызы** мамлекеттик баалуу кагаздардан алынган. Бул мамлекеттик баалуу кагаздар фонддун инвестициялык портфелинде үстөмдүк кылган инструмент болуп калганын жана инвестициялык натыйжалуулук негизинен алардын кирешелүүлүгүнө көз каранды экенин көрсөтөт.

Чыгымдар боюнча план **77,6 пайызга** аткарылган. Негизги четтөө пенсиялык топтоолорду төлөө жана башка топтомо пенсиялык фонддорго каражаттарды которуу боюнча түзүлгөн. Аталган төлөмдөрдүн көлөмү камсыздандырылган адамдардын кайрылууларына жана мыйзамдарда белгиленген төлөө негиздеринин пайда болушуна түздөн-түз көз каранды болгондуктан, пландын толук аткарылбай калышын каражаттардын өздөштүрүлбөй калышы катары баалоого болбойт. Ошондуктан мындай четтөөлөрдү баалоодо төлөмдөрдүн түрлөрү, алуучулардын категориялары жана иш жүзүндө келип чыккан муктаждык комплекстүү талданууга тийиш.

Мындан тышкары, отчеттук маалыматтарда фонддун жыл аягындагы каражаттары **62 810,3 млн сом** деп көрсөтүлсө, инвестициялык портфель боюнча берилген маалыматта **62 810,1 млн сом** көрсөтүлгөн. **0,2 млн сом** өлчөмүндөгү айырманын келип чыгуу себептери такталып, отчеттун акыркы редакциясында көрсөткүчтөр өз ара шайкеш келтирилүүгө тийиш.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, 2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелеринин жана активдеринин өсүшү фонддун финансылык потенциалынын кеңейгенин көрсөтөт.

Ошол эле учурда фонддун каражаттарынын өсүшү анын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугу толук камсыздалганын өз алдынча билдирбейт. Мындай баа инвестициялык портфелдин түзүмүн, активдердин концентрациясын, мөөнөттүүлүгүн, номиналдык жана реалдуу кирешелүүлүгүн, ликвиддүүлүгүн, ошондой эле келечектеги пенсиялык төлөмдөр боюнча милдеттенмелерди комплекстүү эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын инвестициялык портфелдеги жогорку үлүшү салыштырмалуу туруктуу киреше алууга мүмкүндүк берген. Ошол эле учурда инвестициялык портфелдин бир финансылык инструментке жогорку деңгээлде топтолушу концентрациялык жана пайыздык тобокелдиктерге туруктуу мониторинг жүргүзүүнү талап кылат.

Чыгымдардын пландан **419,7 млн сомго** аз аткарылышы пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөргө болгон иш жүзүндөгү муктаждыкты болжолдоо механизмдерин жана бюджеттик пландаштыруунун негиздүүлүгүн мындан ары өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелерин жана чыгымдарын пландаштырууда камсыздандырылган адамдардын санынын өзгөрүүсүн, пенсиялык топтоолорду алуу боюнча кайрылуулардын динамикасын жана төлөмдөрдүн түрлөрүн эске алган актуардык жана статистикалык болжолдоолорду колдонсун;
- Пенсиялык топтоолорду төлөө жана башка топтомо пенсиялык фонддорго каражаттарды которуу боюнча пландын аткарылбай калышынын себептерин алуучулардын категориялары жана төлөмдөрдүн түрлөрү боюнча үзгүлтүксүз талдап, анын жыйынтыктарын кийинки жылдардагы бюджеттик пландаштырууда эске алсын;
- Инвестициялык портфелдин натыйжалуулугуна комплекстүү баа берип, номиналдык жана реалдуу кирешелүүлүктү, активдердин концентрациясын, мөөнөттүүлүгүн жана ликвиддүүлүгүн туруктуу негизде талдап турсун;
- Фонддун жалпы каражаттары, инвестициялык активдери жана эсептердеги акча каражаттары боюнча отчеттук көрсөткүчтөрдүн өз ара шайкештигин камсыз кылсын.

### 3.2.5. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоо жана пайдалануу

2025-жылдын 1-январына карата Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун финансылык инструменттерге жайгаштырылган каражаттарынын калдыгы 49 693,2 млн сомду түзгөн.

2025-жылы фонддун каражаттарынын эсебинен жалпы 22 797,6 млн сом өлчөмүндө инвестициялык операциялар жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- мамлекеттик баалуу кагаздарга - 11 885,5 млн сом;
- коммерциялык банктардын депозиттерине - 5 925,0 млн сом;
- акционердик коомдордун акцияларына -4987,1 млн сом жайгаштырылган.

**18-таблица. 2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын жайгаштыруу**

**(млн сом)**

| Финансылык инструменттер | 2024-жыл | Кирешелүүлүгү, % | 2025-жыл | Кирешелүүлүгү, % | Өзгөрүү (+/–) |
|---|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 9 209,3 | 11,0–16,6 | 11 885,5 | 12,86–16,0 | +2 676,2 |
| Акционердик коомдордун акциялары | – | – | 4 987,1 | – | +4 987,1 |

| Финансылык инструменттер | 2024-жыл | Кирешелүүлүгү, % | 2025-жыл | Кирешелүүлүгү, % | Өзгөрүү (+/–) |
|---|---|---|---|---|---|
| Коммерциялык банктардагы депозиттер | 7 048,9 | 12,6–17,2 | 5 925,0 | 12,1–16,5 | –1 123,9 |
| **Бардыгы** | **16 258,2** | | **22 797,6** | | **+6 539,4** |

Таблицада отчеттук жыл ичинде жаңыдан жайгаштырылган инвестициялар көрсөтүлгөн жана анда келтирилген көрсөткүчтөр отчеттук мезгилдин аягындагы инвестициялык портфелдин жалпы көлөмүн чагылдырбайт.

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик баалуу кагаздарга **11 885,5 млн сом** инвестицияланган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү тескемелеринин негизинде «Ала-Арча» ААКтын жана «Тунгуч» СБ ААКтын акциялары жалпы **4 987,2 млн сомго** сатып алынган. Ошону менен бирге акциялардын сатып алуу наркы менен таблицада көрсөтүлгөн **4 987,1 млн сомдун** ортосундагы **0,1 млн сом** айырманын келип чыгуу себептери такталууга тийиш.

Отчеттук жыл ичинде мөөнөтү аяктаган мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча **3 498,9 млн сом** төлөнгөн. Жыл ичинде **11 885,5 млн сомго** жаңы мамлекеттик баалуу кагаздар сатып алынганын эске алганда, алардын портфели **8 386,6 млн сомго** көбөйгөн. Ошол эле учурда отчеттук маалыматта өсүш **8 386,5 млн сом** деп көрсөтүлгөндүктөн, **0,1 млн сом** өлчөмүндөгү айырманын келип чыгуу себептери такталууга тийиш.

2026-жылдын 12-январына берилген маалымат боюнча Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдеринин түзүмү төмөнкүдөй болгон.

**19-таблица. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдеринин түзүмү**

**(млн сом)**

| Активдердин түрү | Суммасы | Үлүшү, % |
|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 50 410,9 | 80,3 |
| Коммерциялык банктардагы депозиттер | 6 945,0 | 11,1 |
| Акционердик коомдордун акциялары | 4 987,2 | 7,9 |
| Облигациялар | 200,0 | 0,3 |
| Эсептердеги акча каражаттары | 267,0 | 0,4 |
| **Бардыгы** | **62 810,1** | **100,0** |




**12-сүрөт. МТПФнын инвестициялык портфелинин түзүмү**
*Булак: аудитке сунушталган маалыматтардын негизинде түзүлдү.*

Фонддун финансылык отчеттуулугунда жалпы каражаттар **62 810,3 млн сом** деп көрсөтүлсө, инвестициялык портфель боюнча берилген маалыматтардын суммасы **62 810,1 млн сомду** түзгөн. **0,2 млн сом** өлчөмүндөгү айырманын келип чыгуу себептери такталып, отчеттук көрсөткүчтөр өз ара шайкеш келтирилүүгө тийиш.

Активдердин негизги бөлүгүн мамлекеттик баалуу кагаздар түзүп, алардын көлөмү **50 410,9 млн сомду** же фонддун активдеринин **80,3 пайызын** түзгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын мөөнөттөрү боюнча түзүмүндө:

- 3 жылдык - **2 643,4 млн сом**;
- 5 жылдык - **5 747,9 млн сом**;
- 7 жылдык - **20 843,5 млн сом**;
- 10 жылдык - **19 944,5 млн сом**;
- 15 жылдык - **567,9 млн сом**;
- 20 жылдык - **663,7 млн сом**.

Жети жана он жылдык мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү **40 788,0 млн сомду** же мамлекеттик баалуу кагаздар портфелинин **80,9 пайызын** түзгөн. Бул инвестициялык портфелдин негизги бөлүгү узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарда топтолгонун көрсөтөт.

Коммерциялык банктардагы депозиттердин жалпы көлөмү **6 945,0 млн сомду** түзүп, каражаттар **11 коммерциялык банкта 365** жана **547 күн** мөөнөттөргө жылдык **12,1 пайыздан 16,5 пайызга** чейинки пайыздык чендер менен жайгаштырылган.

Берилген маалыматтар боюнча 2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестицияларынын орточо номиналдык кирешелүүлүгү **11,98 пайызды** түзгөн. 2025-жылдагы керектөө бааларынын индексинин **108,2 пайыз** болгонун эске алуу менен инвестициялардын эсептик реалдуу кирешелүүлүгү төмөнкүдөй аныкталат:

$$\left(\frac{1,1198}{1,082} - 1\right) \times 100 = 3,5\%$$

Демек, берилген маалыматтар боюнча инвестициялардын орточо номиналдык кирешелүүлүгү инфляциянын деңгээлинен жогору болуп, эсептик реалдуу кирешелүүлүк болжол менен **3,5 пайызды** түзгөн.

**Акционердик коомдордун ишмердүүлүгү**

Аудиттин жүрүшүндө аныкталгандай, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарынын эсебинен «Ала-Арча» ААКсынын жана «Тунгуч» СБ ААКсынын акциялары сатылып алынгандан кийин аталган коомдордо корпоративдик башкаруу уюштурулган. Жалгыз акционердин чечимдери менен директорлор дайындалып, штаттык түзүмдөрү, эмгек акы төлөө фонддору жана бюджеттери бекитилген, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген тартипте директорлор кеңештери жана ревизорлор шайланган.

Менчик ээсинин өзгөрүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 556-беренесинин талаптарына ылайык ижара мамилелери кайра тариздελген. «Ала-Арча» ААКсында мурда ортомчулар аркылуу түзүлгөн келишимдер түздөн-түз ижарачылар менен кайра түзүлдү.

2025-жылдын май-декабрь айларында «Ала-Арча» ААКсында ижарадан эсептелгени 176 461,5 миң сом, ал эми орточо айлык ижаралык түшүүлөр 22 057,7 миң сом. 2026-жылдын январь-июнь айларындагы ижара акыларынын орточо 1 айлык өлчөмү 24 802,3 миң сомду түзгөн же ижара акылардын өлчөмү 2025-жылга салыштырмалуу 12,4 пайызга жогорулаган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Республикасынын Социалдык фондунун алдындагы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарынын 2025-жылга карата “Ала-Арча” ачык акционердик коомдун акцияларына инвестициялык активдердин жайгаштырылыш кирешелүүлүгүнүн жылдык пайыздык деңгээли 11,87 пайызды түзгөн *(138 454 000/1 750 000 000*100 = 7,911%; 7,911 * 12/8 = 11,867%)*.

«Тунгуч» СБ ААКсында 2025-жылдын ноябрь-декабрь айларында 47 404,0 миң сом таза киреше алынган. 2026-жылдын 1-апрелинен тартып айлык ижаралык түшүүлөр 31 582,9 миң сомдон 38 200,0 миң сомго чейин же 21,0 пайызга көбөйгөн.

**Аудитордук баа.** Берилген маалыматтар корпоративдик башкарууну уюштуруу, ижара мамилелерин түздөн-түз ижарачылар менен кайра тариздөө жана тарифтерди кайра кароо сатып алынган активдердин операциялык көрсөткүчтөрүнүн жакшырышына оң таасир эткенин көрсөтөт. Ошол эле учурда акцияларга салынган жалпы **4 987,2 млн сом** инвестициянын экономикалык натыйжалуулугуна толук баа берүү үчүн сатып алуу наркы, таза акча агымдары, дивиденддер, капиталдык чыгымдар, активдердин адилет наркы жана инвестициялардын өзүн актоо мөөнөтү боюнча комплекстүү талдоо жүргүзүлүүгө тийиш.

**Аныкталды**

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестициялык портфелинин 80,3 пайызы мамлекеттик баалуу кагаздарда топтолгон. Мындай түзүм каражаттардын сакталышын камсыз кылууга жана кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүүгө мүмкүндүк бергени менен, инвестициялардын бир эмитентке жогорку деңгээлде концентрацияланышына алып келет.

Ошону менен катар мамлекеттик баалуу кагаздар портфелинин 80,9 пайызы жети жана он жылдык инструменттерден түзүлгөн. Бул инвестициялык кирешелерди узак мөөнөткө камсыз кылууга өбөлгө түзгөнү менен, рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүшүнө жана активдердин ликвиддүүлүгүнө байланышкан тобокелдиктерди күчөтөт.

Коммерциялык банктардагы депозиттер фонддун активдеринин 11,1 пайызын түзүп, каражаттар 11 коммерциялык банкта жайгаштырылган. Инвестициялык чечимдерди кабыл алууда банктардын финансылык туруктуулугу, кредиттик рейтингдери, депозиттердин мөөнөттөрү жана бир контрагентке туура келген концентрация комплекстүү бааланууга тийиш.

Акциялар фонддун активдеринин 7,9 пайызын түзөт. Берилген маалыматтар «Ала-Арча» ААКсы жана «Тунгуч» СБ ААКсы боюнча корпоративдик башкарууну өркүндөтүүнүн жана ижара мамилелерин кайра уюштуруунун натыйжасында операциялык көрсөткүчтөрдүн жакшырганын көрсөтөт. Ошол эле учурда акцияларга салынган 4 987,2 млн сом инвестициялардын сатып алуу наркы, дивиденддери, таза акча агымдары, активдердин адилет наркы жана өзүн актоо мөөнөтү боюнча маалыматтар жетишсиз болгондуктан, алардын экономикалык натыйжалуулугуна толук баа берүү мүмкүн болгон жок.

Ошондой эле инвестициялык портфелдин орточо кирешелүүлүгүн эсептөөдө колдонулган методика, анын ичинде салмакталган орточо инвестициялардын көлөмү, эсептелген жана алынган кирешелер, инвестицияларды башкарууга байланышкан чыгымдар жана эсептөөнүн негизги параметрлери отчеттук маалыматтарда толук ачып көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, 2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестициялык ишмердүүлүгү инвестициялар боюнча оң номиналдык жана реалдуу кирешелүүлүктү камсыз кылган. Инвестициялардын эсептик реалдуу кирешелүүлүгүнүн 3,5 пайызды түзүшү фонддун активдеринин сатып алуу жөндөмүнүн сакталуусуна оң таасирин тийгизген.

Ошол эле учурда инвестициялык портфелдин мамлекеттик баалуу кагаздарга жогорку деңгээлде топтолушу жана алардын басымдуу бөлүгүнүн узак мөөнөттүү инструменттерде жайгашуусу концентрациялык, пайыздык жана ликвиддүүлүк тобокелдиктерин туруктуу негизде башкарууну талап кылат.

Акцияларга салынган инвестициялар боюнча алгачкы операциялык жыйынтыктар оң динамиканы көрсөткөн. Бирок инвестициялардын жалпы экономикалык натыйжалуулугу дивиденддердин көлөмүн, таза акча агымдарын, активдердин адилет наркын, капиталдык чыгымдарды жана

инвестициялардын өзүн актоо мөөнөтүн комплекстүү баалоонун негизинде гана объективдүү аныкталышы мүмкүн.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестициялык стратегиясында активдердин түрлөрү, эмитенттер, коммерциялык банктар жана инвестициялоо мөөнөттөрү боюнча концентрациялык лимиттерди жана ликвиддүүлүктүн минималдуу деңгээлин белгилесин;
- Инвестициялык активдердин мөөнөттөрүн пенсиялык топтоолор боюнча болжолдонгон төлөмдөрдүн көлөмү жана мөөнөттөрү менен шайкеш келтирүүгө багытталган активдерди жана милдеттенмелерди башкаруу механизмдерин өркүндөтсүн;
- Коммерциялык банктарда каражаттарды жайгаштырууда банктардын финансылык туруктуулугун, кредиттик рейтингдерин, депозиттердин концентрациясын жана бир контрагентке туура келген тобокелдиктерди туруктуу негизде баалап турсун;
- Фонддун жалпы каражаттары боюнча отчеттук көрсөткүчтөрдүн (62 810,3 млн сом жана 62 810,1 млн сом), ошондой эле акцияларга салынган инвестициялар боюнча маалыматтардын (4 987,1 млн сом жана 4 987,2 млн сом) өз ара шайкештигин камсыз кылсын;
- Акционердик коомдордун акцияларына салынган 4 987,2 млн сом инвестициялар боюнча дивиденддерди, таза акча агымдарын, активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүн, инвестициялардын кирешелүүлүгүн жана өзүн актоо мөөнөтүн жыл сайын баалап, отчеттуулукта ачып көрсөтсүн;
- Инвестициялык портфелдин кирешелүүлүгүн эсептөөнүн бирдиктүү методикасын колдонуп, номиналдык жана реалдуу кирешелүүлүктү, ошондой эле инвестицияларды башкарууга байланышкан чыгымдарды өзүнчө чагылдырсын.

### 3.2.6. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунан төлөмдөрдү каржылоо

2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарынан пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөрдү каржылоого 1 412,9 млн сом багытталып, жалпы 17 623 алуучуга төлөм жүргүзүлгөн.

2025-жылы бир алуучуга төлөнгөн каражаттын орточо эсептик өлчөмү 80,2 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда төлөмдөрдүн өлчөмү аларды алуу негиздерине жана камсыздандырылган адамдардын жеке пенсиялык эсептеринде топтолгон каражаттардын көлөмүнө жараша айырмаланган.

Пенсиялык топтоолордун негизги бөлүгү мыйзамдарда белгиленген категориялар боюнча бир жолку төлөмдөргө жана ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган.

**21-таблица. Пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөрдүн түзүмү**

**(млн сом)**

| Төлөмдөрдүн багыттары | 2024-жыл | 2025-жыл | Өзгөрүү (+/–) |
|---|---|---|---|
| **Пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөр, бардыгы** | **1 370,6** | **1 412,9** | **+42,3** |
| Бир жолку төлөмдөр, өлкөдөн туруктуу жашоого чыгып кеткендерге, мураскорлорго жана аскер кызматчыларына төлөмдөр | 768,7 | 728,3 | –40,4 |
| Ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган каражаттар | 548,8 | 640,8 | +92,0 |
| Убактылуу жумушсуз калган адамдарга төлөмдөр | 2,0 | 1,6 | –0,4 |
| Оор ооруларды дарылоого багытталган төлөмдөр | 51,1 | 42,2 | –8,9 |

2024-жылга салыштырмалуу пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 42,3 млн сомго же 3,1 пайызга көбөйгөн.

Төлөмдөрдүн түзүмүндө бир жолку төлөмдөр, өлкөдөн туруктуу жашоого чыгып кеткендерге, мураскорлорго жана аскер кызматчыларына төлөмдөр 728,3 млн сомду же жалпы төлөмдөрдүн 51,5 пайызын, ал эми ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган каражаттар 640,8 млн сомду же 45,4 пайызын түзгөн. Жалпысынан ушул эки багытка бардык төлөмдөрдүн 96,9 пайызы туура келген.

Ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган каражаттар 2024-жылга салыштырмалуу 92,0 млн сомго же 16,8 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда бир жолку жана башка категориялар боюнча төлөмдөр 40,4 млн сомго, оор ооруларды дарылоого багытталган төлөмдөр 8,9 млн сомго, ал эми убактылуу жумушсуз калган адамдарга төлөмдөр 0,4 млн сомго азайган.

Камсыздандырылган адамдардын тандоосуна ылайык, 2025-жылы мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго 25,3 млн сом которулган. Ошол эле учурда мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддордон Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна 2,7 млн сом түшкөн. Натыйжада каражаттардын таза чыгышы 22,6 млн сомду түзгөн.

**22-таблица. Мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго которулган каражаттар**

**(млн сом)**

| Алуучу фонддор | 2024-жыл | 2025-жыл | Өзгөрүү (+/–) |
|---|---|---|---|
| **Мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго которуулар, бардыгы** | **31,3** | **25,3** | **–6,0** |
| «Кыргызстан ТПФ» ААК | 22,8 | 15,1 | –7,7 |
| «Дордой Салым ТПФ» ЖАК | 8,5 | 10,2 | +1,7 |

2024-жылга салыштырмалуу мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго которулган каражаттар 6,0 млн сомго же 19,2 пайызга азайган. Анын ичинде «Кыргызстан ТПФ» ААКка которуулар 7,7 млн сомго азайып, «Дордой Салым ТПФ» ЖАКка которуулар 1,7 млн сомго көбөйгөн.

**Аудит менен аныкталды**

2025-жылы пенсиялык топтоолор боюнча төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 3,1 пайызга көбөйгөн. Эң жогорку өсүш ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган каражаттар боюнча болуп, алардын жалпы төлөмдөрдөгү үлүшү 2024-жылдагы 40,0 пайыздан 2025-жылы 45,4 пайызга чейин өскөн.

Ошол эле учурда төлөмдөрдүн жалпы суммасынын көбөйүшү камсыздандырылган адамдардын суроо-талабынын өсүшүн өз алдынча толук ырастабайт. Мындай баа берүү үчүн төлөмдөрдүн ар бир багыты боюнча алуучулардын саны, бир алуучуга туура келген орточо төлөмдүн көлөмү жана берилген арыздардын динамикасы жөнүндө маалыматтар комплекстүү талданууга тийиш.

Мындан тышкары, чыгымдар боюнча бөлүмдө пенсиялык топтоолорду төлөөгө 1 414,5 млн сом, ал эми ушул бөлүмдө төлөмдөрдүн түзүмү боюнча 1 412,9 млн сом көрсөтүлгөн. Көрсөткүчтөрдүн ортосундагы 1,6 млн сом айырманын экономикалык мазмуну такталып, отчеттук маалыматтар өз ара шайкеш келтирилүүгө тийиш.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, 2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттары мыйзамдарда белгиленген негизги багыттар боюнча пайдаланылган. Төлөмдөрдүн басымдуу бөлүгү бир жолку төлөмдөргө жана камсыздандырылган адамдардын ипотекалык кредиттерин төлөөгө багытталган.

Ипотекалык кредиттерди төлөөгө багытталган каражаттардын үлүшүнүн өсүшү камсыздандырылган адамдар тарабынан пенсиялык топтоолорду турак жай маселелерин чечүү үчүн пайдалануу практикасынын кеңейип жатканын көрсөтөт. Ошол эле учурда мындай механизмдин социалдык жана финансылык натыйжалуулугун баалоо үчүн төлөм алуучулардын саны, турак жай шарттарынын жакшырышы жана төлөмдөрдүн натыйжалуулугу боюнча кошумча көрсөткүчтөрдү колдонуу зарыл.

Мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго которуулардын көлөмүнүн азайышы камсыздандырылган адамдардын тандоосунун өзгөрүшү менен байланыштуу болушу мүмкүн. Анын себептерине объективдүү баа берүү үчүн фонддор аралык которууларды алуучулардын саны, берилген арыздардын динамикасы жана бир которуунун орточо көлөмү боюнча талдоо жүргүзүлүүгө тийиш.

**Сунуштамалар**

Социалдык фондго:

- Пенсиялык топтоолор боюнча көрсөтүлгөн 1 414,5 млн сом жана 1 412,9 млн сом суммаларынын ортосундагы 1,6 млн сом айырманын себептерин тактап, отчеттук маалыматтардын өз ара шайкештигин камсыз кылсын;

- Мамлекеттик эмес топтомо пенсиялык фонддорго которулган жана алардан кайра түшкөн каражаттарды өзүнчө эсепке алып, фонддор аралык которуулардын себептери, алуучулардын саны жана таза көлөмү жөнүндө маалыматтарды отчеттуулукта ачып көрсөтсүн;

- Пенсиялык топтоолорду пайдалануунун ар бир багыты боюнча алуучулардын санын, бир алуучуга туура келген орточо төлөмдү, берилген жана канааттандырылган арыздардын санын эсепке алып, алардын динамикасына туруктуу талдоо жүргүзсүн;

- Ипотекалык кредиттерге, оор ооруларды дарылоого жана убактылуу жумушсуз калган адамдарга берилген төлөмдөрдүн натыйжалуулугун баалоо үчүн өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү иштеп чыгып, аларды туруктуу негизде колдонсун.

### 3.2.7. Эл аралык кызматташтык жана мүчөлүк акылар

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду чет мамлекеттерде эмгектенген Кыргыз Республикасынын жарандарынын пенсиялык укуктарын камсыз кылуу жана социалдык камсыздандыруу жаатында кызматташууну өнүктүрүү максатында эл аралык кызматташтыкты жүргүзөт.

Социалдык фонд өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө макулдашууну жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган пенсиялык камсыздоо жаатындагы башка эл аралык келишимдерди ишке ашырууга катышат.

Ошондой эле пенсиялык камсыздоо жаатындагы кызматташууну өнүктүрүү максатында бир катар чет мамлекеттер менен эл аралык келишимдердин жана меморандумдардын долбоорлорун даярдоо жана макулдашуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду Эл аралык социалдык камсыздоо ассоциациясынын (ISSA) жана Пенсиялык жана социалдык фонддордун эл аралык ассоциациясынын мүчөсү болуп саналат.

2025-жылы Социалдык фонддун Башкармасынын тиешелүү чечимдеринин жана эл аралык уюмдардын мүчөлүк шарттарынын негизинде:

- Эл аралык социалдык камсыздоо ассоциациясына (ISSA) - 1 665,3 миң сом;
- Пенсиялык жана социалдык фонддордун эл аралык ассоциациясына - 1 313,8 миң сом өлчөмүндө мүчөлүк акылар төлөнгөн.

Жалпы төлөнгөн мүчөлүк акылар **2 979,1 миң сомду** түзүп, бюджетте каралган **3 000,0 миң сомдун 99,3 пайызын** түзгөн.

**Аныкталды**

2025-жылы эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар Социалдык фонддун бюджетинде каралган каражаттардын чегинде төлөнгөн.

Аудитке сунушталган документтерде мүчөлүк акылардын төлөнүшү тиешелүү эл аралык уюмдардагы мүчөлүктү сактоого багытталганы тастыкталат.

Ошол эле учурда аудитке сунушталган материалдарда эл аралык кызматташтыктын практикалык натыйжалуулугун баалоого мүмкүндүк берүүчү көрсөткүчтөр жетиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес. Тактап айтканда, эл аралык кызматташтыктын алкагында алынган методикалык жардамдын, киргизилген эл аралык тажрыйбанын, кызматкерлердин кесиптик потенциалын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын пенсиялык укуктарын камсыз кылууга тийгизген таасиринин натыйжалары системалаштырылган түрдө көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, 2025-жылы эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар бюджетте каралган каражаттардын чегинде жана белгиленген финансылык милдеттенмелерге ылайык төлөнгөн.

Ошол эле учурда эл аралык кызматташтыктын натыйжалуулугу мүчөлүк акыларды төлөө фактысы менен гана эмес, анын Социалдык фонддун ишмердүүлүгүнө кошкон практикалык салымы, эл аралык стандарттарды жана алдыңкы тажрыйбаларды киргизүү, кызматкерлердин кесиптик потенциалын жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын пенсиялык укуктарын камсыз кылууга тийгизген таасири аркылуу да бааланууга тийиш.

**Сунуштама**

**Социалдык фондго:**

- Эл аралык уюмдарга мүчөлүктүн жана эл аралык кызматташтыктын практикалык натыйжалуулугун баалоо үчүн алынган методикалык жардам, киргизилген эл аралык тажрыйба, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар, ошондой эле жарандардын пенсиялык укуктарын камсыз кылууга жетишилген жыйынтыктар боюнча маалыматтарды жыл сайын системалаштырып, аларды отчеттуулукта чагылдырсын.

### 3.2.8. Административдик-башкаруу чыгымдары жана аудитте аныкталган финансылык бузуулар

2025-жылга Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары **1 318 710,3 миң сом** өлчөмүндө такталган. Жылдын жыйынтыгы боюнча кассалык чыгымдар **1 257 993,1 миң сомду**, иш жүзүндөгү чыгымдар **1 257 112,7 миң сомду** түзүп, такталган смета кассалык негизде **95,4 пайызга** аткарылган.

Иш жүзүндөгү чыгымдардын **800 869,4 миң сому** же **63,7 пайызы** эмгек акыга, **119 225,4 миң сому** же **9,5 пайызы** социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө туура келген. Борбордук аппарат боюнча **356 796,4 миң сомдук** сметанын **296 057,4 миң сому** же **83,0 пайызы** аткарылган.

Сметанын толук аткарылбашы чыгымдардын негизсиз пландаштырылганын өз алдынча ырастабайт. Мындай четтөөлөрдүн негиздүүлүгү пландаштыруу эсептөөлөрүнүн, сатып алуу пландарынын жана аткарылбай калган иш-чаралардын себептеринин негизинде бааланууга тийиш.

**Аудитте аныкталган финансылык бузуулардын жыйынтыгы**

Шайкештик аудитинин жыйынтыгында жалпы 37 591,6 миң сом өлчөмүндө финансылык бузуулар аныкталган.

Орду толтурулууга тийиш болгон 1 249,2 миң сомдун аудит жүргүзүү мезгилинде 1 229,6 миң сому калыбына келтирилип, 19,6 миң сому калыбына келтирилбей калган.

Аныкталган сумманын 34 587,7 миң сому дебитордук карыздарды бухгалтердик эсепке алууга байланышкан бузууларга туура келип, бул сумма бюджеттик каражаттардын түздөн-түз жоготуусу катары бааланбайт.

Аудиттин жүрүшүндө негизинен төмөнкү багыттар боюнча финансылык бузуулар аныкталды:

- эмгек акынын жана компенсациялык төлөмдөрдүн туура эсептелиши;
- кызматтык иш сапарларга жана күйүүчү-майлоочу материалдарга байланышкан чыгымдар;
- пенсияларды ашыкча төлөө;
- негизги каражаттарды жана башка материалдык баалуулуктарды бухгалтердик эсепке алуу;
- дебитордук карыздарды эсепке алуу жана контролдоо;
- Өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануу;
- камсыздандырылган мүлктү эсепке алуу жана күзөт кызматтарын уюштуруу;
- жер тилкелерин бухгалтердик эсепте чагылдыруу.

Аудитте аныкталган финансылык бузуулар жөнүндө кеңири маалымат ушул отчеттун 1-тиркемесинде келтирилди.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, административдик-башкаруу чыгымдары негизинен бекитилген багыттар боюнча жүргүзүлгөн.

Ошол эле учурда эмгек акынын эсептелиши, кызматтык иш сапарлар, күйүүчү-майлоочу материалдар, негизги каражаттарды эсепке алуу, дебитордук карыздарды башкаруу жана пенсияларды ашыкча төлөө боюнча бир нече түзүмдүк бөлүмдөрдө окшош мүнөздөгү бузуулардын аныкталышы ички контролдун жетиштүү деңгээлде натыйжалуу иштебегенин көрсөтөт.

Аудит жүргүзүү мезгилинде бузуулардын олуттуу бөлүгү жоюлуп, каражаттар калыбына келтирилген. Ошону менен бирге бузууларды аудит учурунда четтетүү алардын келип чыгуу себептеринин жоюлганын билдирбейт. Борбордук аппарат тарабынан аймактык бөлүмдөрдүн финансылык ишмердүүлүгүнө тобокелдикке негизделген ички мониторингди жана алдын алуучу контролду күчөтүү зарыл.

Өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануу, дебитордук карыздарды өндүрүү, камсыздандырылган мүлк боюнча талаптарды коштоо жана күзөт кызматтарын уюштуруу боюнча финансылык тобокелдиктерди алдын ала баалоону, чечимдердин негиздүүлүгүн жана алардын аткарылышын туруктуу мониторингдөөнү камсыз кылган бирдиктүү ички контролдук жол-жоболорду өркүндөтүү талап кылынат.

**Сунуштамалар**

**Социалдык фондго:**

- Эмгек акы, кызматтык иш сапарлар, күйүүчү-майлоочу материалдар жана компенсациялык төлөмдөр боюнча алдын ала жана кийинки ички контролду күчөтүп, калыбына келтирилбей калган суммаларды мыйзамдарда белгиленген тартипте өндүрүүнү камсыз кылсын;
- Негизги каражаттарды, материалдык баалуулуктарды жана жер тилкелерин толук инвентаризациялап, алардын туура классификацияланышын, өз убагында бухгалтердик эсепке алынышын жана амортизациянын туура эсептелишин камсыз кылсын;
- Дебитордук карыздарды пайда болгон мезгили, карызкорлор, мөөнөттөрү жана өндүрүү мүмкүнчүлүгү боюнча инвентаризациялап, алар боюнча борборлоштурулган мониторинг жүргүзсүн;
- Пенсияларды ашыкча төлөөнүн себептерин талдап, жаңы маалыматтык системада мамлекеттик маалыматтык ресурстар менен интеграцияланган алдын алуучу контролдук механизмдерди киргизсин;
- Өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдаланууда карыз алуучулардын финансылык абалын, камсыздоону, кайтаруу графигин жана финансылык тобокелдиктерди баалоонун бирдиктүү тартибин бекитсин;
- Аудитте аныкталган бузууларды жана сунуштамаларды аткаруу боюнча бирдиктүү электрондук реестр жүргүзүп, алардын өз убагында жана толук аткарылышына борбордук аппараттын деңгээлинде туруктуу мониторинг жүргүзсүн;
- Административдик чыгымдарды пландаштырууда муктаждыкты эсептөөлөр, сатып алуу пландары жана күтүлүүчү натыйжалар менен негиздеп, сметанын аткарылышына квартал сайын талдоо жүргүзсүн.

## 4. Пенсиялык системанын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугуна комплекстүү баа берүү

2025-жылы Социалдык фонддун бюджети **3 001,0 млн сом профицит** менен аткарылган. Ошол эле учурда бул көрсөткүч пенсиялык системанын узак мөөнөттүү актуардык тең салмактуулугун өз алдынча ырастабайт.

Аудиттик эсептөөлөр көрсөткөндөй, отчеттук жылы республикалык бюджеттен **44 365,6 млн сом** өлчөмүндө трансферттер алынган. Мында Пенсиялык фонддун жалпы чыгымдарынын **39,0 пайызы** ага түздөн-түз бөлүштүрүлгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен эмес, республикалык бюджеттин трансферттери жана башка киреше булактарынын эсебинен каржыланган.

Ушуга байланыштуу отчеттук жылдагы бюджеттин профицити менен пенсиялык системанын камсыздандыруу принциптерине негизделген финансылык туруктуулугу өз-өзүнчө бааланууга тийиш.

## 4.1. Башкаруу чыгымдары жана каржылоонун түзүмү

| **Кошумча эсептик көрсөткүч** | **Эсептөө** | **Натыйжа** |
|---|---|---|
| Административдик чыгымдардын жалпы чыгымдардагы үлүшү | 1 258,0 / 127 060,8 | 0,99% |
| Борбордук аппараттын жалпы чыгымдардагы үлүшү | 296,1 / 127 060,8 | 0,23% |
| Республикалык бюджет каражаттарынын жалпы чыгымдарга катышы | 44 365,6 / 127 060,8 | 34,9% |
| Пенсиялык фонддун төгүмдөр менен түз жабылган чыгымдары | 69 180,6 / 113 326,9 | 61,0% |
| Пенсиялык фонддун башка булактар менен жабылган айырмасы | 44 146,3 / 113 326,9 | 39,0% |




**14-сүрөт. Административдик-башкаруу чыгымдарынын жалпы чыгымдардагы үлүшү**

Эсептөөлөр көрсөткөндөй, административдик-башкаруу чыгымдары жалпы чыгымдардын **1,0 пайызынан азын** түзгөн. Бул аппаратты кармоого кеткен чыгымдар пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна олуттуу таасир этүүчү фактор болуп саналбаганын көрсөтөт.

Ошол эле учурда аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсепти жүргүзүү, ички контролду уюштуруу жана финансылык маалыматтарды ачып көрсөтүү боюнча аныкталган кемчиликтер башкаруу процессинин натыйжалуулугун мындан ары өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтөт.




**15-сүрөт. Социалдык фонддун 2025-жылдагы кирешелеринин түзүмү**

*Булак: Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө маалыматтар.*

Социалдык фонддун кирешелеринин түзүмү камсыздандыруу төгүмдөрү негизги киреше булагы бойдон калганын көрсөтөт. Ошол эле учурда республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттердин олуттуу үлүшү пенсиялык милдеттенмелерди каржылоодо мамлекеттик колдоонун маанилүү ролу сакталып жатканын көрсөтөт.




**16-сүрөт. Пенсиялык фонддун чыгымдарын каржылоонун эсептик түзүмү**

*Булак: Аудиттик отчеттун көрсөткүчтөрүнүн негизинде эсептелди.*

Аудитордук баалоо көрсөткөндөй, Социалдык фонддун бюджети отчеттук жылы профицит менен аткарылганына карабастан, бул көрсөткүч камсыздандыруу системасынын өз алдынча финансылык тең салмактуулугун толук мүнөздөбөйт.

Эсептөөлөргө ылайык Пенсиялык фонддун чыгымдарынын **61,0 пайызы** камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен түз каржыланса, **39,0**

**пайызы** республикалык бюджеттин трансферттери жана башка киреше булактары аркылуу жабылган.

Мындай жагдай пенсиялык системанын учурдагы төлөө жөндөмдүүлүгү менен анын узак мөөнөттүү камсыздандыруу туруктуулугу бирдей түшүнүк эместигин көрсөтөт.

**Корутунду**

Аудитордук топтун пикири боюнча, 2025-жылы Социалдык фонддун бюджети профицит менен аткарылып, учурдагы финансылык милдеттенмелерди аткарууга жетиштүү төлөө жөндөмдүүлүгү камсыз кылынган.

Ошол эле учурда бюджеттин профицити пенсиялык системанын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугун өз алдынча ырастабайт. Пенсиялык фонддун чыгымдарынын олуттуу бөлүгүнүн республикалык бюджеттин трансферттери аркылуу каржыланышы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жетиштүүлүгүн, демографиялык факторлорду, камсыздандыруучулардын жана пенсионерлердин катышын, ошондой эле актуардык эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын комплекстүү баалоонун зарылдыгын көрсөтөт.

Пенсиялык системанын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн кирешелерге жетиштүүлүгү, республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттердин үлүшү жана актуардык тең салмактуулук боюнча көрсөткүчтөр менен үзгүлтүксүз бааланып турууга тийиш.

## 4.2. Демографиялык факторлордун пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна тийгизген таасири




**17-сүрөт. Пенсионерлердин жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн динамикасы**

*Булак: Социалдык фонддун маалыматтары.*

2021–2025-жылдары пенсионерлердин саны **14,5 пайызга** көбөйгөн, ал эми камсыздандыруу төгүмдөрүн үзгүлтүксүз төлөгөн адамдардын саны болгону **2,8 пайызга** өскөн. Ошол эле учурда 2025-жылы төлөөчүлөрдүн саны 2024-жылга салыштырмалуу **97,7 миң адамга** же **6,3 пайызга** азайган.

Натыйжада бир пенсионерге туура келген камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн саны **1,8 адамды** түзгөн.

Мындай динамика пенсиялык системанын камсыздандыруу базасына демографиялык жүктүн акырындык менен күчөп жатканын көрсөтөт. Пенсионерлердин санынын өсүү темпи камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн өсүү темпинен жогору болгон шартта камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен чыгымдарды каржылоо мүмкүнчүлүгү акырындык менен төмөндөшү мүмкүн.

### Демографиялык тенденциялардын шарттуу эсептик баалоосу

| Шарттуу сценарий | 2035-ж. | 2040-ж. |
|---|---|---|
| Төлөөчүлөр өзгөрбөйт, пенсионерлер жылына 2,3% өсөт | 1,43 | 1,28 |
| 2021–2025-жылдардагы орточо тенденция сакталат | 1,37 | 1,20 |
| Төлөөчүлөр жылына 2,0%, пенсионерлер 2,3% өсөт | 1,75 | 1,72 |

**Эскертүү:** көрсөтүлгөн эсептөөлөр расмий актуардык прогноз болуп саналбайт жана келечектеги көрсөткүчтөрдү болжолдоо максатын көздөбөйт. Алар учурдагы демографиялык тенденциялар сакталган учурда төлөөчүлөр менен пенсионерлердин катышы кандай багытта өзгөрүшү мүмкүн экендигин көрсөтүү үчүн жүргүзүлгөн аналитикалык эсептөөлөр болуп саналат.

**Аудитордук баалоо**

Жүргүзүлгөн эсептөөлөр көрсөткөндөй, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр менен пенсионерлердин катышынын төмөндөшү узак мөөнөттүү келечекте пенсиялык системанын киреше базасына кошумча басым жаратышы мүмкүн.

Ошол эле учурда пенсиялык системанын келечектеги финансылык туруктуулугу жөнүндө жыйынтык демографиялык көрсөткүчтөрдүн негизинде гана чыгарылбайт. Ал эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жыйналышына, эмгек акынын өсүшүнө, пенсиялык саясатка жана актуардык эсептөөлөрдүн жыйынтыктарына да көз каранды.

### 4.3. Пенсиялык топтоолордун реалдуу кирешелүүлүгү




**18-сүрөт. МТПФнын инвестицияларынын кирешелүүлүгү жана инфляция**

*Булак: Социалдык фонддун жана инфляция боюнча отчеттук маалыматтардын негизинде эсептелди.*

2025-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестицияларынын номиналдык кирешелүүлүгү **11,98 пайызды**, ал эми инфляциянын деңгээли **8,2 пайызды** түзгөн. Инфляциянын таасирин эске алуу менен эсептелген реалдуу кирешелүүлүк болжол менен **3,5 пайызды** түздү.

Бул көрсөткүч 2025-жылы пенсиялык топтоолордун инвестициялык кирешелүүлүгү инфляциянын деңгээлинен төмөн болгон деген тыянакты ырастабайт. Ошол эле учурда бир жылдык оң реалдуу кирешелүүлүк инвестициялык иштин узак мөөнөттүү натыйжалуулугун толук баалоого жетиштүү негиз болуп саналбайт.

Пенсиялык топтоолорду башкаруунун натыйжалуулугун объективдүү баалоо үчүн инвестициялык портфелдин кеминде **3, 5 жана 10 жылдык мезгилдердеги номиналдык жана реалдуу кирешелүүлүгүн**, башкарууга байланышкан чыгымдарды, ошондой эле активдердин адилет наркынын өзгөрүшүн үзгүлтүксүз эсептөө жана отчеттуулукта ачып көрсөтүү зарыл.




**19-сүрөт. МТПФнын инвестициялык портфелинин түзүмү**

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун инвестициялык портфелинин **80,3 пайызы** мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштырылган. Мында мамлекеттик баалуу кагаздар портфелинин **80,9 пайызы** жети жана он жылдык мөөнөттөгү инструменттерге туура келген.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын жогорку үлүшү инвестициялардын салыштырмалуу ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу менен бирге, портфелдин бир активдер тобуна топтолушун жана узак мөөнөттүү инструменттердин басымдуулугун көрсөтөт. Мындай түзүм концентрациялык, пайыздык жана ликвиддүүлүк тобокелдиктерин, ошондой эле фонддун келечектеги төлөмдөрү менен инвестициялык активдердин мөөнөттөрүнүн шайкештигин туруктуу баалоону талап кылат.

**Аудитордук баалоо**

2025-жылы МТПФнын инвестициялары боюнча оң реалдуу кирешелүүлүк камсыз кылынган. Бирок инвестициялык портфелдин узак мөөнөттүү натыйжалуулугу жана туруктуулугу бир жылдык кирешелүүлүк көрсөткүчү менен гана аныкталбайт.

Инвестициялык саясаттын натыйжалуулугун баалоодо реалдуу кирешелүүлүктүн көп жылдык динамикасы, активдердин түзүмү, мөөнөттүүлүгү, ликвиддүүлүгү, концентрациясынын деңгээли жана фонддун келечектеги милдеттенмелери комплекстүү түрдө эске алынууга тийиш.

## 5. Жалпы корутунду жана тыянактар

Жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча төмөнкү негизги тыянактар чыгарылды:

**1.** Социалдык фонддун 2025-жылга бюджети кирешелер боюнча **100,7 пайызга**, чыгашалар боюнча **99,5 пайызга** аткарылып, пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү каржылоо жалпысынан камсыз кылынган.

**2.** Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, башка кирешелердин жана инвестициялык кирешелердин өсүшүнө карабастан, Пенсиялык фонддун

чыгымдарынын өсүү темпи камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүү темпинен жогору болгон. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын абсолюттук көлөмү өсүп, пенсиялык милдеттенмелерди каржылоодо анын олуттуу ролу сакталып калган.

**3.** Пенсионерлердин саны камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн санына салыштырмалуу жогорку темп менен көбөйгөн. Натыйжада бир пенсионерге туура келген төлөөчүлөрдүн саны **1,8 адамга** чейин төмөндөп, пенсиялык системанын финансылык туруктуулугуна кошумча демографиялык жүк жаралган.

**4.** Орточо пенсиянын номиналдык өлчөмү көбөйгөнүнө карабастан, анын өсүү темпи инфляциянын жана пенсионердин жашоо минимумунун өсүү темпинен төмөн болгон. Бул пенсиялардын реалдуу сатып алуу жөндөмүн жана жетиштүүлүгүн туруктуу баалоонун зарылдыгын көрсөтөт.

**5.** Бюджеттин айрым көрсөткүчтөрү боюнча планда каралган жана иш жүзүндө аткарылган суммалардын ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталган. Бюджеттик пландаштырууда мыйзамдардагы, тарифтердеги жана администрациялоо механизмдериндеги өзгөрүүлөрдү өз убагында жана толук эске алуу зарыл.

**6.** Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду менен эсептешүүлөр отчеттук жылдын аягына карата толук жөнгө салынган эмес. 2025-жылдын 31-декабрына карата аталган фонддордун алдындагы карыздар тиешелүүлүгүнө жараша 30,2 млн сомду жана 4,6 млн сомду түзгөн.

**7.** Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун активдери жана инвестициялык кирешелери көбөйгөн. Ошол эле учурда инвестициялык портфелдин мамлекеттик баалуу кагаздарга жана узак мөөнөттүү инструменттерге жогорку деңгээлде топтолушу концентрациялык, пайыздык жана ликвиддүүлүк тобокелдиктерин туруктуу башкарууну талап кылат.

**8.** Пенсияларды жеткирүүдө накталай эмес эсептешүүлөрдүн үлүшү көбөйгөн. Бирок почта аркылуу тейлөөнүн бир пенсионерге туура келген наркы банктык тейлөөгө салыштырмалуу кыйла жогору бойдон калгандыктан, колдонулуп жаткан тарифтин экономикалык негиздүүлүгүнө мезгил-мезгили менен баа берүү зарыл.

**9.** Жаңы автоматташтырылган маалыматтык системаны иштеп чыгуу жана процесстерди санариптештирүү оң натыйжа катары бааланат. Ошол эле учурда анын практикалык натыйжалуулугу эксплуатациялык көрсөткүчтөр, салыштырма статистика жана эсептик-экономикалык негиздемелер менен ырасталууга тийиш.

**10.** Административдик-башкаруу чыгымдары, эмгек акы жана компенсациялык төлөмдөр, күйүүчү-майлоочу материалдар, иш сапарлар, дебитордук карыздар, негизги каражаттар жана материалдык баалуулуктар боюнча аныкталган окшош кемчиликтер ички финансылык контролдоо системасын андан ары күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**11.** 2025-жылдагы бюджеттин профицити Социалдык фонддун отчеттук мезгилдеги төлөө жөндөмдүүлүгүн көрсөткөнү менен, пенсиялык системанын узак мөөнөттүү финансылык туруктуулугу жөнүндө өз алдынча жыйынтык

чыгарууга жетиштүү негиз болуп саналбайт. Мындай баалоо актуалдуу актуардык эсептөөлөрдүн, демографиялык көрсөткүчтөрдүн, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жетиштүүлүгүнүн жана инвестициялык активдердин натыйжалуулугунун негизинде комплекстүү жүргүзүлүүгө тийиш.

**Жалпы корутунду**

Жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга бюджети негизги көрсөткүчтөр боюнча жалпысынан аткарылганы жана пенсиялык, ошондой эле башка социалдык милдеттенмелерди каржылоо камсыз кылынганы аныкталды.

Ошол эле учурда жүргүзүлгөн аудит пенсиялык системага түшүп жаткан демографиялык жана финансылык жүктүн өсүү тенденциясы, республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттердин олуттуу үлүшүнүн сакталышы, фонддор аралык эсептешүүлөрдүн толук жөнгө салынбагандыгы, финансылык отчеттуулуктагы айрым шайкешсиздиктер жана ички финансылык контролдоо системасындагы кемчиликтер пенсиялык системаны башкарууну жана финансылык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча системалуу чараларды көрүүнү талап кыларын көрсөттү.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштамаларды толук жана өз убагында ишке ашыруу аныкталган кемчиликтерди жоюуга, финансылык башкаруунун сапатын жогорулатууга, бюджеттик каражаттарды пайдалануунун ачыктыгын жана натыйжалуулугун камсыз кылууга, ошондой эле пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун андан ары чыңдоого өбөлгө түзөт.

**Аудитор** **З.А. Сатаев**